**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН Б. ЖАМГЕРЧИНОВ АТЫНДАГЫ ТАРЫХ, АРХЕОЛОГИЯ ЖАНА ЭТНОЛОГИЯ ИНСТИТУТУ**

**Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

Д 07.21.628 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШИ

Кол жазма укугунда

УДК 636. 933.2 (575.2) (043.3)

**Жапаров Амантур Забирдинович**

# Кыргызстандын тоолуу райондорундагы мал чарбачылыгынын азыркы маселелери: чарбалык, социомаданий, экологиялык аспектилер

07.00.07 - этнография, этнология и антропология

Тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

АВТОРЕФЕРАТЫ

**Бишкек – 2021**

Диссертация Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Жамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтунун этнология бөлүмүндө аткарылган

**Илимий кеңешчи:** **Плоских Владимир Михайлович,** тарых илимдеринин доктору, профессор, КР УИАнын академиги, т.и.д., профессор Б. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия славян университетинин ректорунун кеңешчиси

**Расмий оппоненттер:** **Жоошбекова Айнагүл Рысбаевна,** тарых илимдеринин доктору, доцент, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Тарых жана этнология кафедрасынын башчысы

**Бекназаров Рахым Агибаевич,** тарых илимдеринин доктору, доцент, К. Жубанов атындагы Актобе регионалдык университетинин илим жана инновациялар боюнча проректору

**Кайыпов Сулайман Турдуевич**, тарых илимдеринин доктору, профессор, “Манас” жана Чыңгыз Айтматов атындагы улуттук академиянын бөлүм башчысы

**Жетектөөчү мекеме:** Россия илимдер академиясынын Н.Н. Миклухо-Маклай атындагы этнология жана антропология институту, дареги: адрес: 119334, г. Москва, Ленинский проспект 32 а.

Диссертация 2021-жылдын “24” июнунда саат 15.00. Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Жамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институту жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча Д 07.21.628 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот. Дареги: 710071, Бишкек ш., Чүй пр. 265а, 307- каб. Трансляциянын коду: https://vc.vak.kg/b/d_0-wpz-ynr-oji

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасынан (Бишкек, Чүй пр. 265а), Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (Бишкек, Жибек-Жолу пр. 392, № 8 окуу корпусу) китепканасынан жана www.csnaskr.jet.kg сайттан таанышууга болот.

Автореферат 2021-ж. “ 24 ” июнунда таратылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысынын м.а. т.и.д.** **Ч.Ж. Турдалиева**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Мал чарбачылыгы постсоветтик Кыргызстандын бийик тоолуу райондорунун экономикасынын негизги багыты болуп кала берүүдө. Тармактын социалдык, маданий мааниси дагы абдан зор. Эгер XX к. 20-30-жылдарында малчылар отурукташууга жана коллективдештирүүгө байланыштуу олуттуу сыноолордон өтсө, экинчи миң жылдыктын акыркы он жылдыгында жаңы чакырыктарга жооп бетүүгө туура келди. Коллективдештирүү өндүрүш каражаттарын коомдоштуруу кысым көрсөтүү ыкмалары менен коштолгон. Бул мезгилде адамдардын аң сезиминде психологиялык жабыркоо жүргөн. Аларга советтик курулуштун алгачкы он жылдыктарындагы карама-каршылыктуу шарттарында багытын аныктоо татаал болгон.

СССРдин кулашы колхоз-совхоз системасынын таратуу менен коштолду. Натыйжада эл арасында кезектеги баш аламандык, чакчелекейге түшүү жаралды. Эми коомдук чарбалардын сугат аянттары, мал, айыл чарба мүлктөрү жеке менчикке өтө баштады. Буйрук менен иштегенге көнгөн, көбүнчө коомдук байлыкты колдонгон колхозчулар менчиктештирүүгө даяр эмес эле. Алардын көпчүлүгү жеке менчик ээси катары өз чарбасын уюштуруп, жөндөп кетүүгө жоопкерчиликти алуудан чочулашкан. Албетте мында ошол жылдардагы системдик кризис, тоюттун жоктугу, зооветеринардык, ветеринардык кароонун болбой калышы, жайыттын талкаланышы да таасир берген. Ошондой болсо да үй-бүлөлүк, фермердик чарбалар өндүрүштү сатык мамилелерине өтүүгө байланышкан жаңы шарттарда жүргүзө башташты. Маалымат технологияларынын ыкчам өнүккөн ааламдашуу шарттарында мал чарбачылыгынын мааниси эч кандай төмөндөгөн жок.

Айтылгандарды эске алганда, республиканын бийик тоолуу райондорундагы мал чарбачылыгынын өзгөрүү антропологиясын изилдөө, илим үчүн өзгөчө мааниге ээ. Бирок, бул маселе абдан эле начар, айрым гана өңүттөрүн гана камтыган фрагментардык мүнөздө иликтенген. Өздүк талаа этнографиялык материалдар жана башка булактардын негизинде жазылып, сунушталган диссертация, эмгектин сыртында бир топ маселелер калганына карабастан бул боштукту толтурат.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар (долбоорлор) жана негизги илимий изилдөө иштери менен болгон байланышы.** Диссертациянын темасы Дүйнөлүк банк, БУУнун Азык-түлүк программасы сыяктуу абройлуу уюмдардын ири эл аралык программалары менен байланыштуу. Бул “Экономикалык реформалардын Борбордук Азиянын мал чарбачылыгына тийгизген таасири ” PCE-G-98-00036-00 (USAID), “Номадизм, этнос, иденттүүлүк, мейкиндик жана жергиликтүү бийлик” (ACI №501869), “Түрк-монгол жана Сибирь мейкиндигиндеги

номадизм, коом, дин", "Борбордук жана Түндүк Азиядагы номадизм, коом жана курчап турган чөйрө" (CNRS) деген илимий долбоорлорго да тиешелүү. Аталган программа, долбоорлор менен болгон байланыш диссертациянын жеке демилге менен болгонун да жокко чыгарбайт.

**Иштин максаты жана милдеттери.** Кыргызстандын бийик тоолуу райондорундагы азыркы мезгилдеги мал чарбачылыгындагы экономикалык, социалдык-маданий, экологиялык жактан болуп жаткан өзгөрүүлөрдү, мүнөзүн, өзгөчөлүктөрүн аныктоо менен изилдөө диссертациянын максаты болуп саналат. Максатка жетүү үчүн төмөнкү милдеттер коюлду:

1. салттуу жумуштар менен катар эле эмгектин жаңы түрлөрүнүн жаралганын эске алып, бийик тоолуу райондордун калкынын чарбачылык структурасын мүнөздөө;
2. мал чарбачылыгынын үй-бүлөлөрдүн жана жергиликтүү жамаат-тардын экономикалык турмушундагы ордун аныктоо;
3. колхоз-совхоздордун мал-мүлкүн менчиктештирүү жүрүмүндө орун алган мүнөздүү кубулуштарды айкындоо;
4. кыргыздардын жашоосундагы малдын социалдык маанисинин туруктуулук даражасын көрсөтүү;
5. малдын айрым түрлөрүнө байланыштуу адамдардын чарбалык жана социалдык жашоосунун өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтүү;
6. генеалогиялык, территориялык салттуу байланыштарды сактоодогу үй-бүлөнүн, коңшулардын, туугандардын маанисин негиздөө;
7. азыркы малчылардагы эмгектин бөлүнүш өзгөчөлүктөрүн ачып берүү;
8. жайытты пайдаланууну уюштуруу мүнөзүнө таасир берүүчү факторлорду аныктоо;
9. жаратылыш байлыгынын калыбына кайра келүүчү түрү болгон жайытты үнөмсүз пайдалануу жана анын деградацияга учурап, колдонуудан чыгып калуу себептерин табуу.

**Иштин илимий жаңычылдыгы.** Кыргызстандын бийик тоолуу зоналарындагы азыркы мезгилдеги мал чарбачылыгынын социалдык-экономикалык, маданий, экологиялык өңүттөрү ушул күндөргө чейин этнографтар менен антропологдордун комплекстүү изилдөө объектисине айлана элек. Бул боштукту толтурууга багытталган аракетти, азыркы малчылар коомунун чарбалык, маданий уюмдашуусун изилдөөдөгү жаңы кадам десе болот. Изилдөөнүн натыйжасында мал чарбачылыктагы өзгөрүүлөрдүн реалдуу бейнеси алынды. Элет тургундарынын сатык мамилелерине өтүү өзгөчөлүктөрү ачып көрсөтүлдү. Диссертациянын алкагында жаңы менен салтуулуктун ара катышына, адамдардын жаңы шарттарга көнүүсүнө, башкалар менен катар климаттагы ааламдык өзгөрүүнүн таасири сезилген курчап турган чөйрөнү өздөштүрүүсүнө

байланыштуу далай суроолорго жооп табылды. Илимий айлампага оригиналдуу материалдар киргизилди.

**Алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси** негизги жыйынтыктар менен сунуштарды малчыларга карата болгон мамлекеттик саясатты өркүндөтүүдө колдонуу мүмкүнчүлүгүн түзүүдө турат. Өкмөттүн тиешелүү түзүмдөрү, жергиликтүү бийликтер изилдөөнүн жыйынтыктарын, тармакты модернизациялоо, курчап турган чөйрөгө сарамжал мамиле кылуу, өзгөрүлгөн шарттарга ыңгайлашуу маселелери боюнча чечимдерди кабыл алууда эске алса болот. Диссертациянын негизги жоболору жалпыланган илимий эмгектерди, индексациясы жакшы журналдарга макалаларды жазууда, жогорку окуу жайынын студенттери үчүн атайын курстарды, окуу куралдарын түзүүдө, сабак өтүүдө колдонууга жарайт. Изилдөөнүн айрым жыйынтыктарынын документалдык фильмдерди, роликтерди тартууда пайдасы тийет.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору:**

- Кыргызстандын бийик тоолуу райондорундагы калктын экономикасынын структурасында материалдык байлыктын негизин мал чарбачылыгы түзүп, турмуш-тиричилик образын жана жашоону камсыздоону аныктап кала берүүдө. анын салыштырма салмагы дагы эле зор. Өткөөл мезгилдеги малдын мааниси, биринчи кезекте негизги социалдык маселе – коомдук пайдалуу жумуш менен камсыздоодо турат.

- азыркы малчылардын көбү өз үй-бүлөлөрүнүн экономикасын диверсификация кылууга олуттуу маани берип, дыйканчылыкты, багбанчылыкты, ар кандай кызмат көрсөтүүнү кошо ала жүрүүдө;

- колхоз-совхоздордун тарашына байланыштуу, айылдыктар келечекте эмне күтүп туraарын даана элестете албай, белгилүү даражада тынчсыздануу сезимдерине тушугушту. Бул менчиктин формаларынын өзгөргөн шарттарында алардын чарбаны уюштуруп алып кетүүгө моралдык-психологиялык даярдыгынын жоктугуна байланыштуу болду. Себеби, көрсөтмө менен жашоого, мамлекет тарабынан берилген социалдык гарантияларга көнүп калышкан;

- тоолуу райондордун калкынын турмушунда мал дагы эле өзгөчө социалдык-маданий мааниге ээ;

- чарбаларда тигил же бул малды кармоого артыкчылык берүүгө чарбалык-маданий салт, рыноктун коньюнктурасы, короодогу малды курап арттыруудагы тандап алган стратегия таасир берет;

- экономикалык ишмердүүлүктүн жаңы түрлөрү пайда болуп, ал эмгектин профессионалдык жактан бөлүнүшүнө алып келүүдө;

- кубаттуу чарбалар жалданма малчыларды пайдалана баштады;

- постсоветтик мезгилде малдын генетикалык фондуна жана

асылдуулугуна зыян келтирилди;

- азыркы малчылардын үй-бүлөлөрүндө салттуулуктун уланышы салыштырмалуу туруктуу сакталган. Үй-бүлөнүн структуралык жана сандык курамы малчылардын сезонго жараша көчүп-конушуна жараша өзгөрүшү мүмкүн;

- жайыт – көптөгөн үй-бүлөлөрдүн амандыгынын кепилдиги болгон мал чарбачылыгы таянган база. Бирок, азыркы малчылар сезондуу жайыттарды, анын тилкелерин сарамжал пайдалануу боюнча ата-бабалардын тажрыйбасын эске албаган учурлар көп;

- малдын башынын артышы, жайыттардын ээлерин аныктоодогу так эместиктер ар кайсы райондордун общиналарынын ортосундагы талаштарды жаратат;

- экономикалык кызыкчылыктардын жогору, ал эми экологиялык аңсезимдин анча өнүкпөгөндүгү жайыттын абалына терс таасир берет. Общиналык жайыттардын пайдасын, башкалардан озуп, жаратылыш байлыктарын пайдалануунун жазылбаган салттуу эрежелерин бузуп, өкмөттүк түзүмдөрдүн чечимдерин сактабагандар көп көрөт;

- Кыргызстандын бийик тоолуу райондорундагы начар экологиялык абалды жараткан себептердин катарына, жеке менчиктин киргизилбегендигин эмес, социалдык көзөмөлдүн чабалдыгын жана жайытты башкаруунун рационалдуу эместигин кошууга болот. Бирок, чарба жүргүзүү салтын, экоситеманын жана айылдыктардын социалдык уюмдашуусун эске алганда, жайытка жеке менчикти киргизүү абалдан чыгуунун жолу боло албайт;

- майда товардуулуктун артыкчылык кылышы жана башка кыйынчылыктарга карабастан, мал чарбачылык тармагын модернизациялоодо жагымдуу динамика сезилет.

**Изденүүчүнүн жекече салымы**

- Кыргызстандагы азыркы мал чарбачылыгына боюнча талаа этнографиялык материалдарын топтоо үчүн программа иштелип чыкты;

- постсоветтик өзгөрүүлөр шарттарындагы тармактын экономикалык, социалдык-маданий, экологиялык, укуктук өнүттөрүнө тиешелүү көптөгөн булак топтолуп талдоого алынды;

- көптөгөн илимий адабияттарга негизги тыянактарын көрсөтүү менен кеңири обзор жасалды;

- автор республиканын бийик тоолоуу райондорунда жашаган малчылардын мисалында рынок шарттарына өтүүдөгү өзгөчөлүктөрдү, анын карама-каршылыктуу мүнөзүн ачып берүүгө далалат кылды;

- ар кайсы типтеги чарбалардын, рынок мамилелеринин чакырыктарына жараша ыңгайлашуу стратегиясы боюнча конкреттүү эмпирикалык мисалдар баяндалды:

- бийик тоолуу райондордо эмгектин кесиптик бөлүнүшүн жаратып, аны тереңдетүүгө таасир бере ала турган жумуштун жаңы чөйрөлөрү аныкталды;

- азыркы күндөрдө да, маанисин жоготпогон салттуу социалдык мамилелердин элементтеринин айрымдарынын туруктуулук даражасы көрсөтүлдү;

- жайыттардын начарлашынын себептери көрсөтүлдү жана жаратылыштын бул байлыгын жакшы абалда сактоо боюнча сунуштар иштелип чыкты.

**Диссертациянын натыйжаларын апробациялоо.** Изилдөөнүн айрым жоболору республикалык, эл аралык конференцияларда, симпозиумдарда, конгресстерде баяндалган. Аларга төмөнкүлөр кирет: “Современное состояние скотоводства и животноводства в Казахстане и перспективы их развития” (Алматы 12-13- январь 1999-ж.); Россия этнографтарынын жана антропологдорунун III конгресси (Москва, 08-11-июнь 1999-ж.); “Восприятия пространства и времени в культурах Центральной Азии” (Ташкент, 2000-ж.); «Взаимодействие животноводства, окружающей среды и развития: выпас и деградация земель в Центральной Азии, Юго-Восточной части России и Монголии» (Бишкек, 18-19- август, 2005-ж.); “Феномен кочевничества в истории Евразии. Номадизм и развитие государства” (Алматы, 19-20 декабрь 2005-ж.); “Мир кочевых цивилизаций: история и современность” (Чита-п.Агинское, 10-12-сентябрь 2007-ж.); “Вклад кочевников в развитие мировой цивилизации” (г. Алматы, 21-23- ноябрь 2007-ж.); “Мир номадизма: прошлое и будущее” (Бишкек, 13-15- август 2008-ж.); «Кочевые общества Центральной Азии и Сибири: история и антропология» (Бишкек, 15-20-май 2010-ж.); Jornees d’études en préparation de l’ouvrage *Nomadisme et environnement en Asiecentrale et Sibérie* (Paris, École pratique des hautes études. 5-7-октябрь 2011-ж.); Россия антропологдорунун жана этнологдорунун XI Конгресси (Екатеринбург, 2-5-июль 2015-ж.); Борбордук Азияны изилдөөчү Европалык коомдун 14-конференциясы (ESCAS) Central Asia in the XXI Century. Historical Trajectories, Contemporary Challenges and Everyday Encounters (Цюрих, 8-11-октябрь 2015-ж.); Борбордук Азияны изилдөөчү Европалык коомдун XV жана Борбордук Евразияны изилдөө коомунун (CESS) VI биргелешип өткөргөн конференциялары (Бишкек, 29-июнь – 02-июль 2017-ж.); “Uluslararası Orta Asya'dan Anadolu'ya Yörükler” (Бурса, 08-10-февраль 2019-ж.); Алтай элдеринин VIII эл аралык симпозиуму ( Бишкек, Чолпон-Ата, 19-23-август 2019-ж.) ж.б. Борбордук Азиянын постсоциалисттик өлкөлөрүндөгү мал чарбачылыгынын учурдагы маселелерин талкуулоого арналган “Этнографическое обозрение” (2016) журналынын атайын номерине катыштым.

Диссертациянын айрым жоболору Париж шаарындагы Социалдык илимдердин жогорку мектебинин магистранттарына жана докторанттарына өтүлгөн семинарларда чагылдырылган (2005, 2007, 2015-жж.).

**Диссертациянын натыйжаларынын жарыяланышы.** Теманын алкагында 50 дөн ашуун илимий эмгек жарыяланды.

**Диссертациянын түзүмү жана көлөмү.** Эмгек киришүүдөн, алты баптан, корутундудан, колдонулган булактар менен адабияттардын тизмесинен, кыскартылган терминдерден жана тиркемеден турат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Диссертациянын киришүүсүндө** изилденген теманын актуалдуулугу негизделип, анын негизги илимий-изилдөө программалары менен байланышы көрсөтүлгөн. Эмгектин максаты менен милдеттери коюлуп, илимий жаңычылдыгы, теориялык жана практикалык мааниси ачып көрсөтүлгөн. Коргоого коюлуп жаткан негизги жоболор иштелип чыккан, изденүүчүнүн жеке салымы көрсөтүлгөн.

**"Адабияттарга обзор жасоо"** деп аталган биринчи бап эки бөлүмдөн турат. Бапта постсоветтик мезгилде жарыяланган эмгектерге кенен тарыхнаамалык обзор жасалган. **1990-жылдарда** жарык көргөн эмгектердин айрымдары кайра куруу саясаты жылдарында башталган изилдөөлөрдүн натыйжасы катары караса болот. Ал эмгектерде совет мезгилинен мураска калган жетишкендиктер менен катар эле көйгөйлөр чагылдырылган. Республикадагы айыл чарбасын реформалоо маселелери боюнча автордук көз караштар айтылган. Жалпы эле айыл чарбасынын, анын ичинде мал чарбачылык тармагынын абалын изилдөөгө К.С. Сулейманов, Б.К. Сулейманов, Д. Нур уулу, Н.Т. Ишенбекова, Б. Темирбаев [Сулейманов К.С., Сулейманов Б.К. Проблемы животноводства в Кыргызстане. - Бишкек, 1995; Досбол Нур уулу Совхозы Кыргызстана. - Бишкек, «Илим», 1993. 250 с.Ишенбекова Н.Т. История животноводства Кыргызстана (1980 – 1990 гг.): Опыт и проблемы. / дисс ... канд. ист. наук. - Бишкек, 2010. Темирбаев Б. Аграрный отряд рабочего класса Кыргызстана в 80-е годы. / автореф. дисс... канд. ист. наук – Бишкек, 1993.- 24 с.] ж.б. монографиялык жана диссертациялык эмгектери арналган.

Хронологиялык жактан колхоз-совхоздор системасынын жашоосунун акыркы жылдарын камтыгандык, авторлордун СССРдин кулашы менен агрардык сектордо башталган реформа боюнча маселелерге кайрылууларын чектеген эмес. Тармак мамлекеттик саясаттын айыл чарба өндүрүшүн интенсивдештирүүгө багытталган стратегиясы менен байланышта каралат. Малдын сапаттуу курамы, жайыттардын абалы, тоют менен камсыздоо, малчыларды материалдык-маданий суроо-талаптары боюнча орун алган кемчиликтер ачып көрсөтүлгөн.

Азыркы мал чарбачылыгынын этнографиялык өңүттөрү Г.Ю. Ситнянскийдин бир катар эмгектеринде иликтенген. Анын кандидаттык диссертациясы, колхоз-совхоздор менчиктин ар кандай формасында өзгөртүлө баштаган СССР кулагандан кийинки алгачкы жылдарды да камтыган. Ал өзүнүн башка эмгектеринде мал багуунун жылдык циклдеги технологиясына, республиканын айрым областтарындагы койлордун санынын динамикасына, жайыттын сыйымдуулугуна көңүл бурган.

Мал чарбасындагы өзгөрүү антропологиясын изилдөөнүн өнүгүшүнө сезилээрлик түрткүнү Мэдисондогу Висконсин университети жетектеген "Экономикалык реформалардын Борбордук Азиянын мал чарбачылыгына тийгизген таасири " деген эл аралык долбоор берген. Долбоордун алкагында уюштурулган эл аралык конференцияларда Борбордук Азиядагы эгемендүү жаңы мамлекеттердин рынок мамилелерине өтүү шарттарындагы мал чарбачылыктын экономикалык, саясий, социалдык, экологиялык, маданий жактары талкууга алынган. Конференциянын материалдарында региондогу мал чарбачылыгынын абалы чагылдырылып, тармакты модернизациялоонун жолдору сунушталган.

Постсоциалисттик өлкөлөрдүн масштабында мал чарбачылыгын модернизациялоонун теориялык жана практикалык маселелери А.М. Хазановдун бир нече эмгектеринде каралган. Ал отурукташууга өтүүнүн, өндүрүш каражаттарын улутташтырып алуу менен коллективдештирүүнүн трагедиялуу кесепеттерин белгилейт. Кургакчыл жана жарым кургакчыл экологиялык зоналарды сарамжалдуу, туруктуу өздөштүрүүнү уланта турган мал чарбачылыгын модернизациялоо зарыл дейт. Батыштын тажрыйбасын ойлонбостон көчүрүп алуу жөнсүз деген автордун пикиринде, модернизация бул технологиялык жаңылыктарга негизделген, ага жараша социалдык-саясий жана маданий институттар шайкеш келген экономикалык өнүгүү.

Дүйнөнүн ар кайсы жерлеринде ишке ашпай калган долбоорлорду анализдеген илимпоз, анын негизги себептеринин бирин малчылардын социалдык уюмдашуусунун жана жерге ээлик кылуусунун өзгөчөлүктөрүн эске албагандыктан көрөт. Ашкере патернализм бул тармакта эмгектенгендерге жакшы натыйжаларды алып келбейт. Автор, малчылардын пикири чечим кабыл алууда, өнүгүү программаларын пландоодо жана аларды турмушка ашырууда эске алынышы зарыл дейт.

С.Г. Кляшторный айыл чарба продукцияларын өндүрүүчү негизги типтеги чарбалардагы деградация жүрүмүн талдоого алган. Ал официалдуу бийлик менен агрардык оппозициянын Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айыл чарба саясатына көз караштарын, 1998-ж. карата аткарылган маанилүү делген программаларды келтирет. Талаадан топтолгон жана башка булактардан алынган маалыматтар ага малдын структурасын-

дагы өзгөрүүнүн, асыл-тукумдуулуктун бузулушунун, жайыттын абалынын начарлашынын себептерин аныктап, алардын кесепетин көрсөтүүгө мүмкүндүк берген [Кляшторный С.Г. Изменения в животноводческом и скотоводческом секторе Кыргызстана.- Медисон, США,- 1999].

Кыргызстанга салыштырганда айрым жалпылыктар, ошондой эле айырмачылыктар орун алган Казакстанда кызыктуу жүрүмдөр орун алган. Азыркы мезгилдеги мал чарбасындагы абал, андагы жүрүмдөр, рынок шартына ыңгайлашуу маселелери, экономикалык ишмердүүлүктүн түрлөрү Н.Е. Масановдун, О.Б. Наумованын, С.К. Сагнаеванын изилдөө объектиси болду. А.Б. Калышев Борбордук Азия өлкөлөрүндөгү азыркы мал чарбачылыгын массалык социологиялык изилдөөнүн инструментарийи, Н.Е. Масанов, А.М. Хазанов тарабынан К. Шапиронун катышуусу менен иштеп чыккан программанын артыкчылыктары менен айрым кемчиликтерин талдаган. Программа Кыргызстан менен Казакстанда жүргүзүлгөн талаа изилдөөлөрүндө колдонулган.

Чарбалык жана социалдык уюмдашууга диахрондук анализ жүргүзүүдө В.П. Курылевдун көчмөн жана жарым көчмөн казактар боюнча жарыялаган монографиясы кызыкчылык жаратат (1998). Бул диссертациянын авторунун общинанын маданий салттарын, азыркы мезгилдеги үй-бүлөнү изилдеген эмгектери жарык көргөн.

Азыркы мезгилдеги мал чарбачылыгынын ар кандай өңүттөрү, өткөрүлүп жаткан реформалар жана айыл калкынын социалдык институттары экономисттер, социологдор, айыл чарба илимдеринин тармактары боюнча адистер тарабынан изилденген. Алардын катарына А. Кешикбаевди (1991), Т.Ж. Шайдуллаеваны (1992), А.У. Орузбаевди (1993), Р. Абдырасуловду (1997), К. Жолдошовду (1997), Э. Жумаевди (1997), Ж.К. Бокontаеваны (1998), Т.Койчуевди (1999) ж.б. кошууга болот. 1990-жылдардагы изилдөөлөр көпчүлүк учурларда болуп жаткан өзгөрүүлөрдүн ысыгы сууй электе жүргүзүлгөн. Мындай эмгектердин артыкчылыгынын бири катары, авторлор ошол жүрүмдөрдү өз көздөрү менен көрүп, ага карата субъективдүү көз караштарын чагылдырганында десе болот. Аларда кубаттоого алуу менен катар эле сын пикирлер, конкреттүү сунуштар камтылган.

**2000 – 2020-жж. жарыяланган эмгектерге обзор.** Бул жылдары талаа экспедицияларына бөлүнүүчү каражаттын тартыштыгына байланыштуу, илимпоздор өз каражаттарынын эсебинен же эл аралык илимий долбоорлордун аркасы менен чыгышкан. Адистердин айрымдары практикалык маанидеги, анын ичинде министерстволор менен ведомстволор координациялаган долбоорлорду аткарууга тартылышкан.

Жакынкы өткөн мезгилдеги мал чарбачылыкты жүргүзүү тажрыйбасы бир катар тарыхчыларды кызыктырган. Р.Б. Мукамбетованын пикирине

караганда болгон көйгөйлөрдү жана постсоветтик мезгилдеги агрардык чөйрөдөгү жүрүмдөрдүн өзгөчөлүгүн туура түшүнүү үчүн XX к. 70-80-жылдарындагы кризистик тенденцияларды анализге алуу керек ( 2010, С.3). Хронологиялык жактан 1980-1890-жылдарды камтыган Н.Т. Ишенбекованын диссертациясы тармактагы азыркы жүрүмдөр менен тикелей байланышы бар. Автор маселелердин комплексин айыл чарба өндүрүшүн интенсивдештирүүгө багытталган мамлекеттин агрардык саясатынын контекстинде карайт. Ушуну менен бирге ал, малдын курамынын сапатына, жайыттардын абалына, тоют базасын камсыздоого, айыл чарба продукцияларын өндүрүүгө, малчылардын материалдык-маданий керектөөлөрүнө байланыштуу бир катар кемчиликтерди көрсөткөн (2010. 26 с.).

А.К. Бектемирова өз эмгектеринде [Бектемирова А.К. Социально-экономическое развитие Нарынской области (1991-2005). / автореф. дисс... канд. ист. наук.- Бишкек, 2009; ошол эле автор: Нарын облусунун айыл чарбасынын абалы (1991-2005-жж.) // Известия вузов Кыргызстана.- Бишкек, 2006. С. 203 – 207; ошол эле автор: История производства продукции коневодческих хозяйств в Кыргызской Республике // Актуальные проблемы социально-гуманитарного и научно-технического знания. Исторические науки.- 2019.-№ 3 (19).- С. 14.] айыл чарба тармагындагы абал жана агрардык реформанын жүрүшү Нарын областынын мисалдарынын негизинде изилдеген. Мында реформалоонун алгачкы этабы колхоз жана совхоздордо жер үлүштөрүн дыйкандарга таратып берүүдөн башталган. Автордун пикирине караганда реформанын алгачкы 10-15 жылында, областтын тургундарынын көпчүлүгү, үй-бүлөсүнүн гана керектөөлөрүн тейлеген натуралдык чарба жүргүзгөн. Майда товардык өндүрүшкө өтүүнүн жана техниканын жетишпегендигинин натыйжасында иштетилүүчү сугат жерлеринин колдонуудан чыккандыгын А.Р. Загиров жазат [Загиров А.Р. Социально-экономическое состояние села Кыргызстана в 90-е годы XX века. - Автореф. дисс. канд. ист. наук. - Бишкек, 2006. 27 с.].

Жайыттарды пайдалануу, мал чарба продукцияларын өндүрүү, сатуу, малдын жаңы ээлеринин жана жалданма малчылардын пайда болушу, ошондой эле бир катар башка жактары А.М. Хазанов тарабынан анализденген. Ал постсоциалисттик өлкөлөрдөгү мал чарбачылыгынын азыркы абалы жөнүндө “Этнографическое обозрение” журналынын атайын номерин даярдаган [Хазанов А.М. Мобильное скотоводство в посткоммунистических странах Центральной Азии // Этнографическое обозрение. 2017. № 6. С. 59 – 75; он же, После социализма: судьбы скотоводства в Центральной Азии, Монголии и России // Вестник антропологии, 2017. № 2. С. 45 – 85; Khazanov A. Pastoralists in the “Age of Globalization”: Challenges of the 21st Century in Jörg Janzen and Batboldyn Enkhtuvshin (eds.). Dialog between

Cultures and Civilizations. Present State and Perspectives of Nomadism in a Globalizing World. Proceedings of the International Conference. Ulaanbaatar, 9-14 August 2004. Ulaanbaatar, 2008: XIII-XXVIII.].

Н.Н. Крадиндин эмгектеринде Борбордук Азиянын башка элдери, анын ичинде Кыргызстан менен салыштырып изилдөө жасалган. Автор, агиндик буряттар, тувалар, монголдор жана башка элдер боюнча кеңири чөйрөдөгү маалыматтарды тартуу менен тармактын Ички Азиядагы өзгөрүүсүнүн үч вариантын белгилейт. Алардын экөөнө “экстенсивдүү” деген мүнөздөмө берет. Автор тарабынан чарбалык жана социалдык уюмдашуунун бир катар башка өңүттөрүнө, жайыттын абалына байланышкан маселелер иликтенген [Крадин Н.Н. Мир кочевников и скотоводов в начале миллениума: стратегии выживания в постсоциалистическом мире // XII Конгресс антропологов и этнологов России: Миссия антропологии и этнологии: научные традиции и современные вызовы. М. – Ижевск: ИАЭ РАН, УИИЯЛ УрО РАН, 2017, с. 24-27.; он же, Процессы трансформаций скотоводческого хозяйства в Туве и Забайкалье на рубеже XX – XXI вв. // Этнографическое обозрение, 2016.№ 2. С. 8 – 27.]. Мал чарбачылыгына жана азыркы мезгилдеги өзгөрүүлөргө байланышкан айрым теориялык-методологиялык маселелер Н.Э. Масанов-дун, В. И. Козловдун, А.Н. Ямсковдун, С.А. Панариндин, С.П. Поляковдун, С.Н. Абашиндин, И.И. Крупниктин, А.В. Головневдун, Ю.И. Дробышевдин, Й. Янзендин, П. Финкенин, К. Хамфринин, А. Буржонун, Б.Петриктин, Г. Шлеенин ж.б. эмгектеринде изилдөөгө алынган.

XX к. аягындагы XXI к. башындагы Кыргызстандагы мал чарбачылык илимдин ар кайсы тармагындагы адистердин изилдөө объектиси болуп калды. Алардын ичине экономисттер, айыл чарба илимдеринин өкүлдөрү, ветеринарлар, географтар, социологдор кирет. Постсоветтик мезгилдеги мал чарбачылыгынын ар кыл маселелери этнографтар менен антропологдорду да кызыктырат. Бирок, тилекке каршы мында жигердүүлүк байкалбайт.

Пасторализм маселелери тарыхый антропологиялык планда С. Жаксон тарабынан изилденген [Jacquesson Sv. Au cœur du Tian Chan : histoire et devenir de la transhumance au Kirghizstan : Les Montagnards d’Asie centrale, 11/12 | 2004. P. 203 – 244.; она же, Pastoréalismes: anthropologie historique des processus d’intégration chez les kirghiz du Tian Shan intérieur.- Wiesbaden, 2010. 284 p.]. Теорияларга жана моделдерге болгон кызыгуулардын болгонуна карабастан, кыргыздарга байланыштуу аларды колдонууга көп аракет кылбайт. Мындан көрө ал, жакшы суроолорду коюп, аларга жооп алууга умтулат. Суроолор мал чарбачылык системасынын өзгөчөлүгүнө, пастора-лизмдин мурдагы көчмөндөрдүн азыркы тукумдарынын социалдык структурасына, уюмдашуусуна тийгизген таасирине байланыштуу экендиги байкалат. Алардын ичине интеграция жүрүмүндөгү азыркы муундардын

жана малчылык экономикасынын ээлеген ордун аныктоону да киргизет. Советтик системаны кулашына байланыштуу маселени талдоодо, автор жеке ишмердүүлүккө эркиндик берүүгө, жайытты камтыган жер реформасына көңүл бурат. Айылдагы мамлекеттен ажыратуунун жүрүшүн карап, колхоздун мал-мүлкүн жана сугат тилкелерин менчиктештирүүдөгү туугандык фактордун таасирин көрсөткөн.

Б. Исаков чет жакалардагы жергиликтүү жамааттардык салттуу социалдык мамилелерди советтик модернизациялоо менен интеграциялаганга жетишкендиктерин изилдөөгө алат. Анын конкреттүү эмпирикалык материалдары рынок мамилелерине өтүү боюнча чечим кабыл алууда туугандык, общиналык байланыштардын мааниси жогору болгондугун көрсөтөт. Ал ошондой эле совет мезгилинде аны менен барабар (параллелдүү) жашап келген туугандык мамилелер менен мамлекеттин өз ара мамилесин талдоого алат. Мурдатан бери эч качан үзгүлтүккө учурап токтоп калбаган туугандык мамилелердин ээлеген ордун көрсөтүп, мындай мамилелер өнүгө берип, бир далай мааниге ээ болот деген божомолун айтат [Isakov B. Animals, Kinship, and the State: Kyrgyz Chabans Rebuilding Herds and Reorienting Belonging after the Soviet Collapse in *Anthropology of East Europe Review* 32(2) Fall 2014. P. 33 – 48; он же, How Did the State and Kinship Create Soviet Economy? (Case of Kyrgyzstan) // Bilig, SPRING 2016, Number 77. P. 55 – 81.].

Талас районунун Жер-Үй деген алтын кени табылган жерге келген чет элдик компаниялардын пайда болушунан кийин чыккан жергиликтүү жамааттардын социалдык тирешүү маселесин изилдеген Р.Рахимов коллективдештирүү мезгилинен кийинки ландшафттын өзгөрүүсүнө көңүл бурат. Азыркы чабандарды кабатыр кылган маселелерге чекти аныктоо, малды жаюуга чектөө киргизүүнүн ыктымалдыгы, жайыт участокторун которуп а жерлерге мал жайганга туура келген учурда компенсация төлөө жана өтө маанилүүсү курчап турган чөйрөнү суу булактары менен бирге жакшы экологиялык абалда сактоо киргендигин белгилейт [Рахимов Р.М. Сравнительное изучение пасторальных сообществ Кыргызстана и Казахстана // Вестник Карагандинского государственного университета, 2009 -. № 2 (54). - С 385-391.]. А. Асанканов тарабынан каралган Кытай кыргыздарындагы малдын структурасы, чарбачылыкты жүргүзүүнүн техникасы салыштырып иликтөөдө кызыкчылыкты жаратат [Асанканов А. Кыргызы Синьцзяна (КНР). – Бишкек, “Бийиктик”, 2010. 492 с.]. Китептин баалуулугу, тиешелүү бөлүмдү жазууда автор 2000–2010-жж. чогултулган оригиналдуу этнографиялык материалдарга таянып жазылгандыгында турат. Автор, баккан малдын түрү, айрыкча топоздорго көңүл буруп, алардын тукумдуулугу, ошондой эле функционалдык жактан керектелиши тууралуу баяндайт. Ал жайыт пайдалануу маселесине, көчүү маршруттарына да токтолуп кеткен.

Ж. Фё Де ля Круа, көңүлүн абдан маанилүү эки экономикалык байлыкка – жайыт менен гидроэнергетикага бурат. Мында ал, жайыттын жана тоолуу ландшафттын жергиликтүү калк үчүн кандай маанигээ ээ экендигине кеңири токтолот. Ошондой эле ал, адамдардын оокаттуулугуна байланыштуу аткарган жумушту кабылдоо, эмгектин бөлүнүшү, жалданма жумушту аткарууга карата мамиле сыяктуу маселелерди карайт [Féaux de la Croix J. Moral Geographies in Kyrgyzstan: how pastures, dams and holy sites matter in striving for a good life. Thesis submitted for the degree of Doctor of Philosophy Department of Social Anthropology School of Philosophy, Anthropology and Film Studies University of St Andrews. 2010. - 300 с.; ошол эле автор: После государства рабочих: нынешняя ценность работы в сельском Кыргызстане // Вопросы истории Кыргызстана, № 1-2 (30). Бишкек, 2014. С. 195-203.].

И. Местре жайытка байланыштуу маселелерди кунт коюп иликтеп, Нарын областынын Эмгекчил, Эмгек-Талаа, Жерге-Тал жергиликтүү жамааттарынан топтолгон эмпирикалык маалыматтардын негизинде мыйзам актыларын анализдейт. Үйүр малга тиешеси бар адамдарды кандайдыр бир даражада типтештирип, алардын экономикалык ишмердүүлүгүнө мүнөздөмө берет. Автор, алтынды кустардык ыкма менен алуу, алтын кени жайгашкан жерде мал кайтаруунун территориалдашуусу менен практикасындагы өзгөрүүгө алып келген фактор болгонун көрсөтөт. Жай мезгилинде эркектер кенде иштөө менен жайытта мал кайтарууну кезектештирип аткаргандыгына токтолот. Анын пикирине караганда мал чарба ресурстарын общиналык башкаруу, жалпы жонунан айыл жамааттарынын туруктуулугуна оң таасирин тийгизет. Бул ара жолдогуларын (маргиналдык) кошо тартуу менен, үй-бүлөлөр, ресурстарды башкарууга катышкан ачыктыктын натый-жасында камсыз кылынат [Mestre I. La contribution de la gestion communataire des ressources pastorales à la resilience des communautés rurales post-soviétiques, le cas du Kirghizstan. Thèse de doctorat de l'Université de Lyon. – 2019.].

Сезондук жайыттарды, көп бөлүгүн Кытайдын дилерлерине сатып жиберген менчиктештирилген транспорт каражаттарын бир кылка эмес пайдалануу, ар кандай типтеги чарбалардагы эмгектин бөлүнүшү, үй-бүлөлөрдүн структурасы жана сандык курамы, экономиканы диверсифика-циялоо маселелери Дж. Фарингтондун изилдөө объектилери болуп калды [Farrington J. D. De-development in Eastern Kyrgyzstan and Persistence of Semi-Nomadic Livestock Herding // Nomadic Peoples, NS. 2005. Vol. 9. Issues 1&2. P. 171 – 197.]. Анын пикири боюнча, жарым көчмөндөрдүн тукумдарынын чарбалык тажрыйбаны жоготпой улантып келе жатканы маданий иденттүүлүктү сактоодо оң таасирин тийгизип турат.

Б. Петрик, шок терапиясы, менчиктештирүү, миграция, жайыттарды

арендага берүү, жер байлыктарынын басымдуу көпчүлүк бөлүгүнүн мамлекеттин көзөмөлүндө калуу маселелерин талдоо менен мал чарбачылыгында үй-бүлө тибиндеги чарбалар басымдуулук кылаарын белгилейт. Жерди жана малды менчиктештирүү чоң поместьелердин же фермалардын пайда болушуна алып келген эмес. Мал чарбачылыгы, жалпы эле айыл чарбачылыгындагыдай эле натуралдык мүнөзгө ээ. Жаңы социалдык жана саясий байланыштарды түзүүдө, автордун пикири боюнча башка ресурстардын фундаменталдык мааниси бар [Pétric B. Povoir, identités et ressources: construction de la solidarityé au Kirgizstan // Cahiers d'Asie Centrale. 2011. № 19-20, pp. 345 – 366.; он же, On a mangé nos moutons – le Kirgizstan, du berger au biznesman.- Paris, Belin, 2013. 208 p.].

"Номадизм: этнос, иденттүүлүк, мейкиндик жана жергиликтүү бийлик" (ACI №501869) деп аталган Эл аралык илимий долбоордун француздук катышуучулары колхоздордун тарашы менен кошо бул мекеменин алкагындагы кызматташтыктын алсырашы жана территориядан ажыроо (дететитториализация) менен болуп көрбөгөндөй социалдык ажырым принцибинин пайда болушу тууралуу жазышат. Алардын пикиринче малчылык ишмердүүлүгү сезилээрлик кыскарып, үй-бүлөлөр натуралдык айыл чарба өндүрүшүнө кайрылышат. Ресурстардын тартыштыгы, тилектештик мамилелерин жергиликтүү мейкиндиктин чегинен сырткары жактан түзүүгө түртөт. Буга байланыштуу азыркы кыргыз коомундагы өз ара жардамдашуу жана айырмачылыктар концепциясы терең өзгөрүлгөн. Экономикалык менчиктештирүү, саясий либералдаштыруу жана коомдогу айкындуулук тилектештиктин жаңы формаларын жаратат. Алар өлкөнүн чек арасын кесип өткөн циркуляцияланган территориялардын жана салттуу социалдык мейкиндиктин чегинен сырткаркы ресурстарды ээлеп алууга умтулуп, өз легитимдүүлүгүн орнотууга далалат кылган саясий ишмерлердин пайда болушу менен материалдашат [Petric B., Jacquesson Sv., Gossiaux J.-F., Bourgeot A. L'émergence de nouveaux pouvoirs locaux sur les cendres d'un kolkhoz kirghiz. Cahiers d'Asie centrale, 2004. № 13-14, pp. 21-44.].

"Борбордук жана Түндүк Азиядагы номадизм, коомдор жана курчап турган чөйрө" аттуу диссертациянын автору катышкан Эл аралык долбоор, Ш. Степанофф, К. Ферре, Г. Лаказ, Ж. Торездердин редакциялыгында даярдалган "Борбордук жана Түндүк Азиядагы номадизм" деген көп автор катышкан коллективдүү китеп менен жыйынтыкталган. Китептин түзүмү курчап турган чөйрө жана көчүү, территорияны колдонуу (обустройство), дене жана дүйнө, адам жана жаныбар, көчмөн жана отурукташкан элдер деген чоң бөлүмдөрдөн турат. Эмгекте постсоветтик мезгилдеги кризис жана азыркы жашоо шарттарына ыңгайлашуу маселелери чагылдырылган.

Эгерде терең өзгөрүүлөр постсоветтик Кыргызстан менен эле

чектелбегенин эске алсак, Казакстандагы, Россиянын Азия бөлүгүндөгү жана Монголиядагы азыркы мезгилдеги мал чарбачылыгына арналган илимий эмгектер кунт коюп көңүл буруууга арзыйт. Бул эмгектерде чагылдырылган чарба жүргүзүүдөгү, социалдык жашоодогу мүнөздүү жалпы жактар менен айырмачылыктар салыштырып иликтөө планында абдан баалуу болуп саналат. Мындай изилдөөлөрдүн катарына Н.Э. Масановдун, Н.Н. Крадиндин, С.А. Панариндин, П. Финкенин, К. Хамфринин, К. Ферренин, О.Б. Наумованын, С. Сагнаеванын, А. Калышевдин, С.П. Тюхтеневанын, С.Г. Жамбалованын, Й. Янзендин, А. Алтансананын ж.б. эмгектерин киргизүүгө болот.

Элет калкынын постсоветтик социалдык-экономикалык шарттарга ыңгайлашуу стратегиясын Бурятиянын мисалында Т.Д. Скрынникова башкы редакторлук кылган коллективдүү монографиянын авторлор тобу тарабынан изилдешкен. Авторлор ыңгайлашууга жаңы экономикалык шарттар сыяктуу эле жергиликтүү жамааттардагы чарбачылык, этномаданий өзгөчөлүктөрдүн тийгизген таасирин талдоого алышкан. [Город и село в постсоветской Бурятии: социально-антропологические очерки. (Отв. ред. Т.Д. Скрынникова) – Улан-Удэ, Издательство БЦО СО РАН, 2009. 220 с.]. Жаңы шарттарга ылайыкташуу жүрүмүндө айылдык тургундардын алдында турган азыркы чакырыктар Mountain Research and Development журналынын “Борбордук Азиядагы өткөөл мезгил шарттарындагы тоолук коомдор” деген жалпы аталышта жарыяланган санында чагылдырылган. Мында акыркы бир нече жыл бою топтолгон оригиналдуу материалдардын негизинде жазылган В. Креветтин, К. Лихтинин, А. Дёрренин, П. Борхардттын, Р. де ля Мартиньенин, К. Кэрвендин ж.б. авторлордун маалалары бар. [Mountain Research and Development.- том 32, № 3., август 2012 г.]

Кыргызстандын тоолуу райондорундагы азыркы малчылык антропологиясынын айрым маселелери диссертациянын авторунун бир нече эмгектеринде изилденген. Анда азыркы малчылардын социалдык, маданий, экономикалык жашоосундагы болуп жаткан өзгөрүүлөр козголгон. Мал чарбачылыгынын технологиялык, социалдык, экологиялык аспектилери каралган. Автордун көңүлүнүн борборунда малды жана айыл чарба мүлкүн менчиктештирүү, колхоз-совхоздорду бөлүп таратуу этаптары, рынок шарттарына ыңгайлашуу стратегиясы, этноэкономиканы камтуу менен, тоолуу желердеги тургундардын үй-бүлөсү, материалдык маданияты жана колдонмо-жасалга өнөрү сыяктуу маселелер турган.

Э. Көчүмкулова жана М. Көчүмкуловдун “Советтик Өзбекстандын кыргыз чабандары” (2014) деген китеби жакшылап көңүл буруууга арзыйт. Бул тарыхый-этнографиялык очеркте, коңшу республикалардын калкынын социалдык, маданий, чарбалык байланыштары чагылдырылган. Айылды

өнүктүрүү фонду (RDF) тарабынан, салттуу маданият жана элдик билимдер боюнча жарыяланган эмгектердин сериясы да кызыгууну жаратпай койбойт.

Мал жая турган сезондук жайыттарды сарамжалсыз пайдалануу, алардын сапатынын начарлашына таасир берген факторлор Кыргыз Республикасынын Гипроземинин геоботаниктеринин, географтардын, биологдордун эмгектеринде каралган. Азыркы мал чарбачылыгынын экономикалык, зооветеринардык, укуктук аспектилери А.У. Орузбаевдин, Б.Х. Кубаевдин, Э. Джумаевдин, Т.А. Акматалиевдин, Р. Абдырасуловдун, К. Абдыкеримовдун, С.А. Ажибековдун, А.Д. Дуйшеевдин, Е.М. Лущихинанын, В.А. Чертковдун, М. Касмалиевдин, А.З. Тулобаевдин, К. Жолдошевдин, З. Мукашевдин, В.В. Бабуриндин, М.Д. Шаменовдун ж.б. монографиялары менен макалаларында изилденген.

Ошентип, азыркы мезгилдеги мал чарбачылыгынын ар кайсы жактары бир далай адистердин изилдөө объектиси болуп калды. Ошого карабастан, Кыргызстандагы постсоветтик өзгөрүүлөр жеткиликтүү иликтөөгө алынды деп айтууга болбой. Бул боюнча этнографтар менен антропологдордун жасай турган иштери дагы эле арбын.

Өз ичине эки параграфты камтыган **“Изилдөөнүн булактары жана методологиясы”** деп аталган экинчи баптын биринчисинде диссертациянын булактык базасы каралат. Диссертациялык иштин булактык базасынын өзөгүн Нарын областынын Ак-Талаа, Ат-Башы, Кочкор райондорунан чогултулган талаа этнографиялык материалдары түздү. Эмпирикалык маалыматтар ошондой эле Ош областынын Алай, Ысык-Көл областынын Тоң райондорунан дагы топтолгон.

Жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын (айыл өкмөттөрү) документтери менен материалдары изилдөөнүн башка типтеги булактары болуп калды. Ага жергиликтүү тургундардын менчик мүлкү катталган чарбалык китептери (жер тилкелери, малы, кыймылсыз жана кыймылдуу башка мүлкү) кирет. Бул типтеги булактарга, ошондой эле, ар кандай райондук, областтык бөлүмдөрдүн, башкармачылыктардын расмий отчеттору жана маалыматтары кирет.

Булактардын кийинки тобун мыйзамдар жана башка нормативдик-укуктук актылар түзөт. Аларды талдоо Советтер Союзу ыдырагандан кийинки эгемендүүлүк шарттарындагы республиканын агрардык тармагындагы өзгөрүүлөрдүн жүрүшүнүн өзгөчөлүктөрүн ачып берүүгө өбөлгө түзөт. Колхоз-совхоздук системаны жок кылуу менен коштолгон жер тилкелерин, малды жана башка мүлктөрдү менчиктештирүү жүрүмүн иликтөөдө кабыл алынган нормативдик документтер, ичинде малчыларга карата багытталган мамлекеттик саясатты баамдоого жакшы мүмкүнчүлүк берет.

Көрсөтүлгөндөрдөн мааниси кем эмес булактардын тобуна

статистикалык маалыматтар кирип, алардын басымдуу бөлүгү Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинен алынды. Анын бюллетендеринен постсоветтик жылдардын дээрлик бардыгы боюнча айыл чарбасынын өнүгүшүнө обзорду табууга болот.

Негизинен практикалык мааниси бар мүнөздөгү долбоорлорду ишке ашырып келе жаткан эл аралык жана ата мекендик өкмөттүк эмес уюмдардын материалдары менен иштөө да өзгөчө кызыктуу жана пайдалуу болду. “Ак-Терек” коомдук фонду, “Айылды өнүктүрүү фонду” (RDF),

CAMP «Ала-Тоо”, Эл аралык кызматташуунун Германиялык коому (GIZ) сыяктуу уюмдардын отчетторунан, жарыялаган эмгектеринен баалуу маалыматтар алынган.

“Айгине” маданий-изилдөө борборунун кызматкерлеринин күчү менен, республиканын ар бир областындагы ыйык жерлерди изилдөөгө арналган китептерде кызыктуу маалыматтар бар. Анда СССР кулагандан кийинки кыйынчылык жылдар, элдин жаңы шарттарга ыңгайлашуусу тууралуу айрым маалыматтар камтылган.

Диссертациянын булактык базасы массалык маалымат каражаттарындагы материалдарды тартуунун эсебинен дагы кеңейтилген. Газета-журналдардын беттеринен, маалымат агенттиктеринин сайттарынан, айрыкча окуялар, хроника сыяктуу рубрикаларынан далай керектүү материалдар алынган. 1990-жылдардагы кыйынчылыктарды кандайча басып өткөндүктөрүнө байланыштуу жер-жерлердеги элдин социалдык, экономикалык турмушундагы окуялар тууралуу репортаждар талаа этнографиялык материалдарын жакшы толуктады. Адистердин аналитикалык макалаларынын, журналисттик иликтөөлөрдүн булак катары айныксыз баалуу болду. “Кыргыз Туусу”, “Слово Кыргызстана”, “Теңир-Тоо”, “Вечерний Бишкек” ж.б. газетадагы диссертацияга керектүү материалдар анализденди.

Булактардын дагы бир тобун ар кандай маалымат сайттарына жана ютуб каналдарына жайгаштырылган аудио, видео материалдар түздү (Akipress, 24 kg, kabar, bbc, Azattyk ж.б.). Мындай интернет-ресурстар дыйкан, фермер чарбалары менен кооперативдердин өндүрүштү уюштуруу тажрыйбалары тууралуу колдонуучуларды тааныштырат. Малы жутка кабылгандарга жардам көрсөтүү, жайкы жайыттарды пайдалануудагы талаштар ж.б. маалыматтардын графикалык, үн, видео түрлөрүндө таратылышы көрсөтмөлүү мүнөздөгү маанилүү булактардын милдетин аткарды.

Экинчи бөлүм, изилдөөнүн объектиси менен предметин аныктоого, теориялык-методологиялык негиздерди, коюлган максатка жетүү үчүн тандалып алынган ыкмалар менен каражаттарды түшүндүрүүгө арналган. Кыргызстандын тоолуу райондорундагы постсоветтик мезгилдеги мал чарбачылыгы жана бул тармакта алектенген адамдар **изилдөөнүн**

**объектиси** болуп саналат. Малчылардын чарбалык, социалдык-маданий турмушунда болуп өтүп жаткан жүрүмдөр **изилдөөнүн предметин** түзөт. Буга малдын түрлөрүн, рынок шарттарына ыңгайлашууну, сезондук жайыттардын абалын жана аны пайдаланууну, ошондой эле мейкиндикти уюштурууну иликтөө дагы кирет.

Бул иштин методологиясынын негизин структуралык-функционалдык, системалык, дисциплина аралык ыкмалар түздү. Кыргызстандын бийик тоолуу райондорундагы азыркы мезгилдеги мал чарбачылыгында болуп жаткан өзгөрүүлөрдү иликтөөдө, маанилүү критерийлер катары тоолуу экосистема, мурдагы колхоз-совхоздордун тажрыйбалуу малчылардын салыштырмалуу көп болушу, ошондой эле сезондук жайыттарга көчүп конуп жүргөн жаш малчылардын болушу талаа изилдөөлөрү жүргүзүлө турган объектилерди тандап алуу методологиялык жактан өзүн актайт деген көз караште болдум.

Талаа материалдарын топтоо көбүнчө стационардык методду колдонуу менен жасалды. Ал конкреттүү жерде узак мезгил болгон учурда илимпозго, деталдарын камтыган терең изилдөө жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берет. Тандалып алынган жерлерде узак мезгил жүрүүдөгү иликтөө иштери респонденттер тартылган сапаттуу терең интервьюлар менен эле чектелген жок. Талаа экспедицияларда жана командировкаларда көчүп конууну улантып келе жаткан малчылар менен бирге жашап, алардын турмушун, сезимдерин жакшы түшүнүүгө мүмкүндүк берген ичтен байкоо ыкмасы колдонулду. Бул жерде айтылганга тикелей тиешеси бар К. Леви-Стросстун “Башканын интимдик тажрыйбасын өзүнө өлчөө (примерка) – табият таануу жана гуманитардык илимдерде талап кылынаары сезилип турган акыркы эмпирикалык тастыктоо үчүн колдо бар каражаттардын бири” [ЛевиСтросс К. Путь масок / Пер. с фр., сост., вступ., ст. и примеч. А.Б. Островского. – М. Республика, 2000. - С. 363.] деген пикирин келтире кетүү ылайык келип турат. Этнографиялык илимде ичтен байкоо жүргүзүү деген атка ээ болгон бул ыкмага, талаа материалдарын топтоодо жана аларды талдоодо артыкчылык берилди.

Маршруттук кыдырууларда негизги максат колдон келишинче көбүрөөк айылдарды, жайыттарды, мал базарларын камтууга аракет кылынды. Бул ыкма, стационардык формага караганда принцибинде изилдөөнүн тереңдиги үчүн натыжалуулугу төмөнүрөөк болгону менен, кеңири географиялык мейкиндикти жана социалдык чөйрөнү кучагына алганга мүмкүндүк берет. Теманы изилдөө боюнча конкреттүү учурда бул метод, стационардык жол менен топтолгон материалдарды текшерип, кандайдыр бир даражада репрезентативдүүлүктү алууга мүмкүнчүлүк түздү.

Жайыттардын абалы жөнүндөгү пайдалуу маалыматтар жаратылыш байлыгын бул түрүн колдонуучулардын катышуусу менен Көк-Жар, Төлөк айылдарында, Бишкек шаарында “Климаттын өзгөрүшү жана биомаданий

ландшафт” деген долбоордун алкагында өткөрүлгөн бир нече семинарда алынды.

Талаа этнографиялык материалдар, башка ар кандай булактарды (официалдуу отчёттор, айыл өкмөттөрүнүн маалыматтары, архивдик, статистикалык, гезит-журналдык материалдар, нормативдик-укуктук документтер, илимий адабияттар) тартуу менен талдоого алынды.

Мал чарбачылыгындагы өзгөрүүлөрдү жакшылап түшүнүү үчүн мамлекеттик структуралардын адистерине (Айыл чарба, азык түлүк министрлигинин бөлүмдөрү, Жайыт департаменти, райондук, областтык администрациялардын айыл чарба бөлүмдөрү), эксперттерге кайрылууну туура көрдүм. Негизинен прикладдык мүнөзгө ээ долбоорлорду жүзөгө ашырып жаткан эл аралык, жана ата мекендик өкмөттүк эмес уюмдардын материалдары менен иштөө абдан кызыктуу жана пайдалуу болду.

Азыркы мал чарбачылыгынын бир катар маселелерин иликтөөнү тарыхый ретроспектива жүргүзүүсүз аткаруу кыйын, себеби суроолордун далайынын жообу өткөн доорлордогу чарбачылык тажрыйбасында жана социалдык турмушунда катылган. Дал ушул, изилдөөнүн диахрондук методун колдонууну шарттап, ал синхрондуу ыкма менен бири-бирин толуктап турат. Мал чарбачылыгындагы окшоштуктар менен айырмачылыктарды ачып көрсөтүүдө салыштырып изилдөө жүргүзүү методу маанилүү орунду ээледи. Ал үчүн мурдагы Советтер Союзунун жана алыскы чет өлкөлөрдүн айрым элдери боюнча жарыяланган эмгектер пайдаланылды.

Узак тарыхый мезгил ичинде топтолгон бай чарбалык тажрыйбасы бар көчмөн жашоо образынын көп кылымдык практикасы жана колхоз-совхоздор жашап турган жылдарындагы мал чарбачылыгынын экономикалык райондоштуруудагы артыкчылык берүүчү мааниси, салыштыруу объектилерин тандоодогу негизги факторлор болду.

Диссертациянын алкагында азыркы малчылардын жашоо-турмушунун жалпы картинасын түзүү максатында, абдан маанилүү делген маселелерди анализдөөгө далалат кылынды. Бул ишти аткарууда “коомдун турмушунун бардык жактарын тигиндей же мындай козгой турган” бүтүндүк подходунун зарылдыгын белгилеген британ антропологу Х. Хамфринин пикири үлгү болду [Хамфри К. Постсоветские трансформации в азиатской части России.- М. “Наталис”, 2010. С. 32.].

Кыргызстандын тоолуу райондорундагы жайыттарды экологиялык жактан изилдөөгө байланыштуу Г. Хардиндин “общиналык ресурстардын теориясына” кайрылуусуз элестетүүгө мүмкүн эмес деген ойго келдим. Анын көз карашы канчалык даражада реалдуу кырдаалды чагылдыраары жана кыргыз малчылары үчүн практикалык мааниси барбы деген суроолорго жооп алуу үчүн керек эле. Рынок мамилелерине өтүүдө социалдык көзөмөл

начар абалда турган шарттарда, сезондук жайыттарды пайдалануу тартибин белгилүү даражада “оюн теориясы” аркылуу караса болот.

Үчүнчү бап **“Калктын экономикалык жана маданий турмушундагы мал чарбачылык”** деп аталып, төрт параграфты камтыйт. **“Азыркы айыл чарбасынын структурасы”** деген биринчи бөлүм, мал чарбачылыгы дагы эле маанилүү тармак болуп саналган, Кыргызстандын бийик тоолуу райондорунун калкынын экономикалык ишмердүүлүгүнүн жалпы картинасын чагылдырат. Бүткүл эле өлкө боюнча, тармак, элет калкынын кирешесинин жарымын берет. Көптөгөн адамдардын кылган эмгеги мал багуу менен байланыштуу.

1990-жылдар бардык түрдөгү малдын перманенттүү кыскарышы менен мүнөздөлдү. Алардын санынын кескин азайышы, мал чарбачылык тармагын каржылык-материалдык колдоонун минималдашканынын натыйжасында сапаттуу тейлөөнүн начарлашы Казакстанга, Монголияга, Россиянын айрым республикаларына да мүнөздүү болду. Айрыкча бул кой чарбасында курч сезилди. 2000-жылдардын башынан тартып стабилдешүү тенденциясы байкалды. Учурда чечилбеген көйгөйлөрдүн орун алганына карабастан, мал чарбачылыгы өнүгүүнүн жаңы этабын башынан өткөрүүдө.

Дыйканчылык, бийик тоолуу райондордогу чарбалардын мааниси чоң экономикалык ишмердигинин бири болуп калды. Өндүрүлгөн продукциялар негизинен өзүлөрүнүн ички керектөөлөрүнө жумшалганы, натуралдык мүнөздүн басымдуулук кылаарын көрсөтөт. Ошол эле учурда, айрым чарбалар жашылчаны (картөшкө, чеснок, сабиз ж.б.), арпаны, чөптү сатуу үчүн өндүргөн мисалдар да көп. Өсүмдүктөрдү айдоо структурасында бийик тоолуу райондордун тургундарынын көпчүлүгү, малга тоют камдоонун зарылдыгын эске алып, маданий чөптөргө басым жасашат.

1990-жылдардын башына карай, социалдык-экономикалык кризис шарттарында айыл калкынын анча көп эмес бөлүгү аңчылыкты улантышкан. XX к. ортосунан тартып, айылдык тургундардын ичинен алгыр куштардын айрым түрлөрүнө аңчылык кылуу менен шугулданышкан. Ал куштарды Жакынкы Чыгыш өлкөлөрүнүн атуулдары сатып алып, контрабандалык жол менен өз өлкөлөрүнө чыгарып кетип турушкан. Жергиликтүү тургундардын ичинен, шаарда жашаган аңчылыкты сүйгөн тууганларын коштогон учурлар кезиккен. Кийинки жылдары малчылар кээде саны көбөйүп кеткен карышкырларга аңчылык кыла баштаган.

Эгемендик жылдары экономикалык ишмердүүлүктүн түрлөрү көбөйдү. Басымдуу учурларда ал, кызмат көрсөтүү жана соода менен байланыштуу. Тоолуу райондордогу экономикалык ишмердүүлүктүн түрүнүн бири малды транспорт менен ташып жеткирүү болуп калды. Малды алып сатарлар, демилгелүү, товарды жакшы сатууга жөндөмдүү адамдардын катагориясына

киреt. Алардын айрымдары мындай ишке кайра куруу жылдарынын акырынан тартып аралашып, өз дареметтерин мамлекеттен ажыратуу жана менчиктештирүүдөн кийин даана көргөзүшкөн.

Айыл жерлеринде чакан бригадаларды түзүп алып, жер айдоо, себүү, түшүм жыйноо, чөп чабуу иштерин аткаруу кызматын көрсөткөндөр бар. Айрым үй-бүлөлөр, общиналар үчүн кийиз, сувенир жасоо кыргыздардын этноэкономикасынын алкагында жүргүзүлгөн ишмердүүлүктүн бири болуп калды. Эгер мурда, үй чарбачылыгы (промысел), тиричилик буюмдары, мал чарбасына керектүү шаймандар менен өзүлөрүн камсыздоого багытталса, азыр, сатып пайда табуу үчүн да жасалат. Нарын, Ат-Башы, Кочкор райондорунда өндүрүлгөн шырдактар базарларда жана магазиндерде сатылат. Аларды ошол жерлерден эле туристтер да алат.

**“Мал коомдун социалдык жана маданий турмушунда”** деген экинчи бөлүмдө маселе тарыхый-салыштыруу ыкмасы көз карашынан каралат. Тразиттик мезгилдин башталыш мезгилдеринде малдын башкы социалдык мааниси, көптөгөн адамдарды жумуш менен камсыздагандыкта турат. Үйүр малдарды катардагы эле эмгекчилер караган жок. Бул иш менен колхоз-совхоздордун тарагандыгына, жеке менчиктин кире башташына байланыштуу кызмат абалынан ажыраган жогорку жана орто звенодогу жетекчилер да алектене баштаган. Мында кылымдардын тереңинен келаткан чарбалык-маданий салттын мааниси чоң болгон.

Салтуу коомдогудай эле, айылдыктардын социалдык статусун аныктоодо, байлыкты өлчөөдөгү маркер, колдогу мал, бирден бир маанилүү каражат болуп кала берүүдө. Социалдык карым-катыштагы, коомдугу адамдын даражасын жогорулатуудагы малдын малдын ээлеген жогорку орду жакынкы он жылдыктарда сакталып тура болушу керек. Социалдык байланыш түйүндөрүн кеңейтүүдө, мал азыр дагы колдоо алуунун таасирдүү каражаты катары колдонулуп жатат (коомдук тамак берүүнү, элдик көңүл ачууларды уюштуруу, жакырларга жана кароосуз калган жалгыздарга жардам көрсөтүү). Республиканын тоолуу райондорундагы тургундардын балдарынын социалдашуусун малсыз элестетүү кыйын. Ал балдардын калыптанышындагы маанилүү каражат болуп саналат.

Үчүнчү бөлүм **“Мал баккан чарбалардын өзгөрүшү жана менчиктештирүү”** деп аталат. Анда, колхоз-совхоздордун майдаланып тарашынын себептери изилденип, ал жүрүмдүн өзгөчөлүктөрү баяндалды. Мал жана айыл чарба мүлкүнүн менчиктерилиши, келечеги боюнча бүдөмүк абалда турган адамдардын моралдык-психологиялык абалынын контекстинде каралат. Мындай абалды жергиликтүү бюрократия өз кызыкчылыктарына колдонушкан.

Кайра куруу саясаты жылдарына чейин эле башталган мал чарбачылыгы 1990-жылдардын башына карата кризиске капталган абалда

болгон. Жалпы союздук чарбалык-экономикалык байланыштардын үзүлүшүнө, техника, күйүүчү-майлоочу майлар, тоют, жер семирткичтер, ветеринардык тейлөө менен камсыздоодогу мамлекеттин колдоосунун болбогондугуна байланыштуу түзүлгөн шарттарда административдик-командалык, директивдүү экономикага негизделген колхоз-совхоздор системасы "сызга отуруп" калды. Мындай кризистик кырдаалдан чыгуу абдан татаал болуп, ал бүткүл системаны реформалоого байланыштуу болду.

Мамлекеттин саясатына ылайык, "Кыргыз Республикасынын мамлекеттен ажыратуунун, менчиктештирүүнүн жалпы башталыштары жөнүндө" мыйзамы "кайтарылгыс жана кайтарылуучу негизде мамлекеттик жана коммуналдык ишканаларды эмгек жамааттарына, чабандык, башка дыйкан жана үй-бүлөлүк чарбалардын менчигине өткөрүп берүү жолу менен" менчиктештирүүнү турмушка ашырууну регламенттеген.[1] Ушул мыйзам менен өлкөнүн президентинин "Кыргыз Республикасында совхоздор жана башка мамлекеттик (коммуналдык) айыл чарба ишканаларын мамлекеттен ажыратуунун жана менчиктештирүүнүн өзгөчөлүктөрү жөнүндө" Указы агрардык реформаларды жүргүзүүгө укуктук негиз болду.[2] Колхоздордо, совхоздордо айылдагы тургундарга жер үлүштөрүн, малды, башка мүлктөрдү бөлүп таратуу жүргүзүлө баштады.

Колхоздор менен совхоздор таратгандан кийин көпкө созулбаган мезгил ичинде айыл-чарба ишканаларынын негизги типтерин ошол эле колхоз-совхоздордун урандысында жаралган чакан кооперативдер, бириккен дыйкан чарбалары түздү. Мисалы 1991-ж. Алай районундагы "Социализм" совхозу Тогуз-Булак жана Курманжан датка деген эки колхозго бөлүнгөн.

Мындай коопертивдердин башына келген жетекчилердин көбүнүн жеткиликтүү тажрыйбасы, квалификациясы, уюштуруу жөндөмдүүлүгү жок болчу. Анын үстүнө алардын бир бөлүгү өз кызыкчылыктарын көздөп, көбүрөөк жер тилкелерин, малды, техниканы ыйгарып алууга умтулушту. Бул жамаат мүчөлөрүнүн наразычылыгын жаратаары турган иш эле. Бул типтеги чарбалардын далайы, мүчөлөрүнүн эмгекке бирдей тартылбагандыгынан жана өндүрүлгөн продукцияны акыйкат бөлүштүрбөгөндүктөн чыккан наразычылыктардан улам тарап кетти. Коопертивдердин ийгиликсиздиги башка себептер менен катар эле, башкаруу тажрыйбасынын, бизнес-пландын, бухгалтердик эсептин, өнүгүү стратегиясынын, ал эмес өнүгүү стратегиясынын жоктугу менен түшүндүрүлөт.

Кооперативдик типтеги коллективдүү чарбаларды майдалап бөлүү, менчиктештирүүгө жаткан мамлекеттик байлык айылдык тургундардын менчигине толук өтө элек шартта жүрдү. Экинчи жагынан – тургундар

---

[1] Ведомости Верховного Совета Республики Кыргызстан, январь, 1991. № 22. С. 694.
[2] Ведомости Верховного Совета Республики Кыргызстан. Январь, 1992. № 1. С. 78 – 80

чарбаларын жакшы уюштурууга умтулуп жигердүүлүктү көрсөтпөстөн, дагы эле мамлекеттин камкордугун күтүп тургандай абалда болушту. 1990-жж. биринчи жарымында айыл тургундарынын жигердүү бөлүгү өз чарбаларына юридикалык тарап, айрыкча фермердик статусун алууга шашылды. Бул кадам, мамлекет тарабынан агрардык реформаны жүргүзүүгө тартылган каражаттан кредит алууда салмактуу аргумент болгон. Бирок, фермердик чарбалардын көбүнүн функцияланышы узакка созулбаган, кыска мөөнөттүк мүнөзгө ээ болгон. Бул аракеттерге карабастан 1994-ж. чейинки мезгилди айыл калкынын чечкиндүүлүктү көрсөтө албаган жылдар десе болот. Кийинки жылдары колхоз-совхоз системасын уратуу тездик менен жүрө баштаган.

Малды жана башка айыл чарба мүлкүн менчиктештирүүнүн жүрүшү, социалдык уюмдашуунун өзгөчөлүгү ага сезилээрлик таасир тийгизгенин көрсөттү. Чакан кооперативдердин алкагында эмгекти биргелешип уюштурууда, туугандардын коллективдүү аң-сезими менен өзүнчө үй-бүлөнүн жеке экономикалык кызыкчылыктарынын ортосунда карама-каршылыктар байкалган. Уруулардагы таасирдүү адамдар, тууганндык шериктештик сезимдерин өз кызыкчылыктарына ийкемдүүлүк менен колдонгон учурлар болгон. Кашарларды менчиктештирүүдө анын өлчөмүнө жараша адамдардын тобу куралган. Көпчүлүк учурда бул урууга тиешелүүлүк принцибинде жасалган. Маселен, бир учурда, кашар балдары кошо эсептелген 50 кишиге тийген. Кушчу уруусунун өкүлдөрү (42 адам) өз тобуна ээси аларга күйөө бала болгон бир “чоң үй-бүлөнү” чакырып кошууга мажбур болгон.

Менчиктештирүү жүрүмүндө социалдык адилеттүүлүк принциби бардык учурда эле сакталбаган. Колхоздордун башкармалары, совхоздордун директорлору жана алардын тегерегиндегилер “акырга” жакын болгондуктан, менчиктештирүүнүн башында коомдук мүлктүн “каймактарын калпып” алышкан да, кийин экинчи айлампага барып, эми жалпы айылдык масса менен бирге бөлүнгөн малдан, башка мүлктөн бөлүштүрүп алышкан. Бир нече жыл өткөндөн кийин коомдук чарбалардын биринин мурдагы колзозчулары жергиликтүү бийлик, малдын башынын 65% жок болгондон соң гана бөлүштүрдү деген дооматтарын айтып кала беришкен. Коллективдештирүүнү жокко чыгаруу учурунда, ресурстарды бөлүштүрүп жүргөн айыл элитасы, өзүнүн социалдык абалын монетардык капиталга айландыруу үчүн ыңгайлуу позицияда болушкан.

Үчүнчү баптын төртүнчү бөлүмү **“Малчылардын рынок шарттарына ыңгайлашуу маселелери”** деп аталат. Бир нече он жылдыктар бою директивалык-пландык экономиканын тартиби менен жашоого көнүп калган адамдардын эркин рынок мамилелерине өтүүсү жеңил болмок эмес. Бул фактордун таасирин айкын түшүнүү үчүн убакыт керек болду. Мамлекет

структуралык кайра куруулар менен гана алек болбостон, рынок механизмдерин колдонуу менен жаңы экономикалык шарттарга ыңгайлашууга көмөктөшүүсү керек эле. Тилекке каршы андай иш көбүнчө натыйжалуу жасалган жок. Калктын жашоо деңгээлинине оор кесепетин тийгизген экономикалык кризис шарттарында чабандык кесип мурдагыдай барктуу болбой калды.

Төрт түлүк малдын бардык түрүнүн, айрыкча койдун башынын кыскарышы, айылдагы жумушсуздуктун себептеринин бир болду. Бардык жерлерде уурулук, бирөөнүн малын айдап кетүү, тоноо сыяктуу кылмыштар жайылды. Рекетирлер активдешти. Мамлекеттик структуралардын өз милдеттерин натыйжалуу аткарбагандыктан, мүлктүк талаш-тартыштар криминалдык, жарым криминалдык структуралардын кийлигишүүсү менен чечилген учурлар көп эле болуп жатты. Айылдык тургундардын айрымдары рационалдуу чечимдерди чечкиндүүлүк менен кабыл алып, чарбасын бекемдөөнүн ордуна, үй-бүлөнүн жалпы аракети менен топтолгон байлыктын далайын чачып жоготту.

Агрардык реформанын башталышы айыл тургундарынын көбүн дендароо (шок) абалына алып келди. Айрымдар колхоз менен совхоздорду таратуу алар үчүн “жашоонун бүтүшү” деп кабылдап, аталган типтеги чарбалардын сакталышын жакташты. Башкалары ири менчик ээлери жаралышы үчүн, бардык ресурстарды менчиктештирүүнү ыкчамдык менен жүргүзүүнү колдошту.

Адамдардын көбү жаңы шарттарда туура багыт тандоодон кыйналып жаткан убакта, мурдагы колхозчулардын кээ бир аракетчил (предприимчивый) мүчөлөрү өз чарбаларынын өнүгүү стратегиясын иштеп чыга баштады. Алар артка кылчайып, мамлекеттен жардам күтүп отурушкан жок. Социалдык-психологиялык кыйынчылыктарды тез жеңген адамдар, өз чарбаларын диверсификациялоо менен да алектеништи.

2000-жылдардын башында айылдагы абал кичинеден турукташа баштады. Рынок мамилелерине салыштырмалуу дурус тартылган чарбалар, айыл чарбасындагы кайра куруулар тууралуу кабардар болуп, өндүрүлгөн продукцияларга болгон суроо талаптарды изилдеп, бюджетти толуктоо булактарын кеңейтүүгө умтулгандыгы байкалды. Мындай аракеттердин натыйжасы рентабелдүү чарбалардын калыптанышына алып келди.

Малчылар үйүр малдын сапаттык курамына, ветеринардык кароодон өткөрүүгө, тоют базасына, чөбү жагымдуу алыскы жайыттарды пайдаланууга, мал чарбачылык продукцияларын өндүрүүгө эми мамлекеттик башкаруу, дотация жок башка шарттарда көп көңүл бура башташкан. Кызмат көрсөтүүнүн айрым түрлөрү (ветеринарлар, жалданма койчулар, мал ташуучулар ж.б.) боюнча адистешкен адамдардын категориясы пайда болду.

Бирок, республикалык масштабда мал чарба продукцияларын

стабилдүү режимде жана чоң көлөмдө экспорттоодо бир катар көйгөйлөр бар. Мында алды менен, атаандаштыкка туруктуулуктун жетишсиздиги, текшерүүнүн жана сертификациялоонун эл аралык стандартка туура келбегендиги, өндүрүшчүлөрдүн дагы эле товардуулукка багыт албай жаткандыгы сезилет.

Бийик тоолуу райондордун малчылары директивалык экономикага негизделген теңдеме социалисттик мамиледен рынокко кирүүдө татаал тразиттик мезгилден өтүштү. Алар ийгиликтүү ыңгайлашуу үчүн дагы көп аракеттерди кылуусу керек.

Иштин төртүнчү бабы **"Социалдык уюмдашуу"** деп аталат. Биринчи бөлүмдө азыркы малчылардын үй-бүлөсү каралат. Постсоветтик өнүгүү этабындагы социалдык-экономикалык, маданий жүрүмдөр шарттаган терең өзгөрүүлөр, малчылар коомунун үй-бүлөлөрүнө да таасирин тийгизгизип турат. Керектөөлөрдүн өсүшү, чек аралардын так эместиги (размытость) ааламдашуу, азыркы коммуникация каражаттарынын жайылышы, социалдык баалуулуктардын өзгөрүшү ж.б. бир катар факторлор үй-бүлөгө сезилээрлик таасир берди. Арийне, малчылардын үй-бүлөлөрүндөгү жубайлардын ортосундагы салттуу милдеттер туруктуулугун сактап келүүдө.

Азыркы малчыларда тарыхый тамыры тереңге кеткен чакан нуклеардык үй-бүлө басымдуулук кылат. Көрсөтүлгөн типтеги үй-бүлөнүн экононимкалык жактан өз алдынча жана көз каранды түрлөрү кезигет. Үй-бүлөнүн үйүр малын салт боюнча үй ээси бөлүштүрөт. Айрым гана учурларды эске албаганда кичүү бала үйлөнгөндөн кийин ата-энесинин үйүндө калат. Ага жараша, башка балдары бөлүнгөндөн кийин малдын көбүрөөгү кичүүсүндө калат. Бөлүнүп чыгып, социалдык, чарбалык, маданий функциялардын комплексинин баарын аткарган үй-бүлөлөр атасынын үйү менен мамиледе жаңы деңгээлге өтөт.

Азыркы көчүп-конгон малчылардын үй-бүлөсүнүн сандык жана структуралык курамы жылдык сезонго байланыштуу өзгөрүшү мүмкүн. Жаз келгенде тиешелүү конушка үйүр мал менен жубайлар кетет. Эгер алардын наристеси болсо аны ала кетишет, ал эми мектеп жашындагы балдары жакын туугандарыныкында калат. Жайлоодогу конушка мектепте окуган балдары, айрым учурларда малчынын ата-энеси келишет. Натыйжада үй-бүлөнүн сандык жана муундук курамы кеңейет.

Күзгү жайытка көчкөндө дагы малчынын үй-бүлөсүнүн курамы өзгөрөт. Адатта бул мезгилде, көпчүлүк учурда, улгайып калган ата-энелери жакага түшөт. Айдоо жерлериндеги түшүм жыйналып, аянттар бошогончо, малчы аялы жана кичинекей баласы менен күздөөдө калып, бул жакта бир айга чейин малын кайтарып, андан соң жакага барышат. Мектепте окуган балдары болсо, окууга даярдануу үчүн жайкы конуштан эле түз айылга

кетишет. Окуу жылынын башталышында алар, убактылуу чоң ата-чоң энелери же башка жакын туугандары менен жашап турушат.

Азыркы бөлүнбөгөн үй-бүлөлөр өз курамына үй ээсин аялы менен, үйлөнгөн баласын, келинин, турмуштана элек балдарын, кыздарын, неберелерин камтыйт. Аларды генеалогиялык кандаш туугандык байланыш, нике, алар чогуу жашаган там, жалпы байлыкты көбөйтүүгө багытталган чарбалык-экономикалык ишмердүүлүк бириктирип турат. Бирок, азыркы мезгилде, үйлөнгөн эки баласы менен бирге жашаган бөлүнбөгөн үй-бүлөлөр сейрек учурай баштады.

Азыркы малчылардын кичинекей балдары чоң ата-чоң энелери менен көп убакытты бирге өткөрүшөт. Бул, тарыхый жана социалдык эстутумду камсыздоо үчүн салттуу маданий баалуулуктарды жаш муунга өткөрүүдө маанилүү. Респонденттердин айткандарына караганда, ушундай чөйрөдө, балдар адамдык жакшы касиеттерге ээ болушат. Адатта алар, улууларга урмат менен мамиле кылышат, эмгекчил, боорукер келишет.

Үй-бүлөнүн кичүү эле эмес улуу муундарындагы социалдык баалулуктардагы өзгөрүүлөр байкалат. Мында материалдык-финансылык байлык башкы социалдык катары каралат. Коллективизм, туугандардын ортосундагы шериктештик сезимдери байкалбай, татаал кырдаалда колдоо көрсөтүү көпчүлүк учурда, жеке кызыкчылыгын көздөбөгөн мүнөздө болбой калды. Мурда деле үй-бүлө мүчөлөрү өз кызыкчылыктарын эске алышкан, бирок, общиналык аң-сезим, социалдык мамилелердин нормалары жайгарып туруучу рычаг болгон.

Атанын пикири дагы эле маанилүү болуп, үй-бүлө мүчөлөрүнүн баары эсептешет. Ошол эле учурда, үй-бүлөнүн жаш мүчөлөрү, айрым учурларда ата-энесинин оюна кайчы пикирин ачык айтып, иш билги катары өзүн алып жүргөнүн көрөбүз. Алар, демилгелүүлүктү көрсөтүп, кээде маанилүү чечимдерди кабыл алууда өз шартын коюшат.

**“Коңшулук жана туугандык байланыштар”** деген экинчи бөлүмдө алардын бүгүнкү күндөрдөгү өзгөчөлүктөрү талданды. Кыргыз элинин маданиятында кошуна, кылымдардын тереңинен бери коомдук мамиледеги маанилүү субъект болуп келген. Бири бирине жакын жайгашкан үй-бүлөлөр тез-тез жолугушуп турганга, убактылуу эмгек тобун түзгөнгө, иш-чараларды чогуу өткөргөнгө мүмкүнчүлүктөрү бар. Азыркы мезгилде алардын пайдаланган жайыттары, магистралдык сугат арыктары бир. Күз, кыш мезгилдеринде малды кезек менен кайтарууну уюштурушат.

Малчыларда жай мезгилинде азыркы көчмөн общинасын түзгөн үй-бүлөлөр бар. Аларды биринчи кезекте, малды чогуу кайтарууга байланышкан чарбалык кызыкчылык бириктирип, боз үй, чатырлары бири бирине жакын тигилет. Алардын ортосундагы коңшулук байланыш тыкыс.

Бул жамааттын курамына киргендер адатта бир айылдан болгондуктан, күзүндө айылга кайткандан кийин деле байланышта болуп турууга умтулушат.

Адатта коңшулардын ортосунда адамдык жакындык болуп, турмуштагы кыйын учурларда колдоо көрсөтүшүп турушат. Ушул жактан караганда *“Алыскы туугандан жакынкы кошуна”* деген эски макал азыркы күндө дагы республиканын бийик тоолуу райондорунда өз маанисин жогото элек. Коңшу-территориалдык общинаны түзгөн кошуналар календардык майрамдарды, өмүр сүрүү циклиндеги жөрөлгөлөрдү биргелешип өткөргөн учурлар көп эле болот.

Ошого карабастан, общиналык аң сезим акырындык менен өз позициясынан тайып баратат. Менчиктин ар кандай формасын таануу жана коомдук мал-мүлктү элге тараткандан кийин, адамдарда жеке кызыкчылыктар басымдуулук кыла баштады. Анын ичинде жеке кызыкчылыкарды канаттандырууга кескин жолтоо болбогон колхоздук менчиктин таасири менен дагы, буга чейин коллективдүү аң сезим дайыма басымдуулук кылган. Эгер мурда кошунадан мал, акча, жем-чөп, курулуш материалдарын карызга алып туруу жеңил болсо, постсоветтик мезгилде бул кыйыныраак болуп калды. Анча көп эмес өлчөмдөгү сүт, ун ж.б. азыктарды бекер эле беришкен. Ал эми азыр жеке чарбада өндүрүлгөн мындай азыктар көпчүлүк учурда сатылат. Бул экономикалык мамилелердин өзгөрүшүн көрсөтүп турат. Бүгүнкү күндөрдө колкүчү, техника талап кылынган жумуштарында да бири бирине көп жардам бербей калышты.

Жакын туугандардын ортосундагы мамиле кандаштыктын таасири менен эле туруктуу мүнөзгө ээ эмес. Мында экономикалык мамилелердин да орчундуу мааниси бар. Мисалы, бир туугандардын бири башка бир тууганынын малын бакканы, тыгыз байланышты кармап турууга кошумча себепчи болот.

Малчылардын улуу муундарынын эсинде колхоз менен совхоздордун жерлери эле эмес, ата-бабалардын конуштары да сакталып калган. Алар өз туугандары менен бирге ошол жерлердин ресурстарын пайдалангысы келет. Мындай жерлер мал чарбачылыгы менен алектенип жүргөн тукумдарды өзүнө артып турат. Коллективдүү өз ара жардам, шериктештиктик айрыкча адамдын каза болушуна байланышкан аза күтүү күндөрүндө бекемдигин көрсөтөт.

Эгемендик жылдары бир райондо жашаган кандайдыр уруунун өкүлдөрү областтын, республиканын башка аймактарында турган уруулаштары менен социалдык байланыштарды түзгөн учурлар бар. Бирок, уруунун айрым өкүлдөрүнүн демилгеси менен түзүлгөн мындай байланыштар үзүл-кесил мүнөзгө ээ жана акырындап басаңдоо тенденциясы байкалат.

Коңшулардын жана туугандардын байланыштарынын айрым формаларынын азайышы бир нече себеп менен түшүндүрүлөт. Буга таасир берген факторлордун катарына менчиктин формасынын өзгөрүшүн, салттуу социалдык баалуулуктарды сактаган адамдардын улгайышын, улуу муундар кошо тартылган миграциялык активдүүлүктү, шаарлашуу жүрүмүнүн тереңдешин киргизүүгө болот. Байкоолор, турак үй жана короо-жай мейкиндиктерин пайдалануудагы өзгөрүүлөрдү көрсөтүп турат. Эгер мурда, коңшулар бири бириникине шыдыр кирип турушса, азыр эшик кагууга туура келген учурлар көбөйдү.

Жаш курагы, жынысына негизделген **эмгектин жөнөкөй бөлүнүшү** үй-бүлөнүн, чакан общиналардын алкагында жакшы көрүнөт. Эркекер аткаруучу чарбалык жумуштарга мал кайтаруу, жоголгондорун издөө, короо-сарайларды тазалоо, мал чарба шаймандарын даярдоо, чөп жана башка тоюттарды камдоо, эркек малды бычууга жардамдашуу, үйүр салуу ж.б. кирет. Аялдар балдарды тарбиялоо, тамак жасоо, үй ичин тазалоо, кир жуу, сүттөн азыктарды иштетип алуу, кээде кол өнөрчүлүгү сыяктуу иштер менен алектенет.

Адатта эркек балдар малды кайтарууга, короо-сарайларды оңдогонго, мал жаткан жерди тазалаганга ж.б. иштерге катышат. Кыздар апасына үй ичин тазалаганга, идиш аяк, кир жууганга ж.б. жумуштарды аткарганга жардам берет. Өспүрүм эркек балдар таң эртең менен түнкүсүн кулундары агытылып, эркин жайылып жүргөн үйүр бээни желеге айдап келген учурлар кезигет. Алар, аялдарга бээ жана уй саадырганга жардам беришет. Айрым чоң үй-бүлөлөрдө үйлөнгөн бир тууганлардын бири мал бакса, экинчиси дыйканчылык, тоют даярдоо менен алек болот.

Кошуналардын эмгек кооперациясы территориалдык байланышка негизделген. Алар огород сугарууга келүүчү арыктарды чаап, тазалоодо чогуу иштеп, зарыл болгон башка учурларда бири бирине жардам беришет. Коңшулардын ортосундагы эмгектин бөлүшүндө кандайдыр бир байкалган айырма (дифференциация) жок. Чарбалык мамилелердин чегинде алардын ар бири, бир эле жумушту кезек менен же болбосо бирге жасашат.

Адистешүүнү жана кесиптик тажрыйбаны талап кылган эмгектин татаалыраак бөлүнүшүндө эгемендик жылдарынында кыйла өзгөрүүлөр болду. 1990-жылдардагы ветеринарлардын, механизаторлордун, сугатчылардын ж.б. кызматынан баш тарткан көрүнүш, башка тенденцияга алмашып, аларга кайрадан муктаждыктар жаралды.

Бешинчи бап **“Малдын түрү”** деп аталат. Өлкөнүн агрардык сектордогу мамлекеттен ажыратуу жана менчиктештирүү саясаты, колхоз-совхоздордун тарашы, түзүлгөн жаңы шарттарга ыңгайлашуу зарылдыгы чарбалардагы малдын структурасына белгилүү даражада таасир тийгизди.

Малды түрүн кармоодо биринчиден, жергиликтүү жаратылыштык-климаттык шартка ыңгайлашууга болгон жөндөмүн эске алынды. Экинчиден, аларды багуудагы кылымдар бою топтолгон тажрыйба жана салт аныктоочу мааниге ээ болду. Чарбалардагы үйүр мал өз курамына жылкыны, койду, эчкини, уйду, төөнү, топозду камтыйт.

Жылкы багуу рынок мамилелерине өтүү шарттарындагы рентабелдүү тармактардын бири. Анын үстүнө жылкынын баасы стабилдүү түрдө жогору болуп келет. Жыл бою жайыттан чөп таат оттогонго жергиликтүү кыргыз жана жаңы кыргыз тукумдары жөндөмдүү. Аборигендүү кыргыз аттары көпкө чейин тоолуу-таштуу жерлерде минилсе дагы күч-кубатын тез калыбына келтире алгандыгы менен айырмаланат, тоют тандабайт. Бирок, мындай тукумдагы аттар аргындаштыруунун натыйжасында улам азайып баратат. Азыр жылкылар совет мезгилине караганда, малдын структурасында салыштырма салмагы кыйла жогору жана калктын чарбалык, социалдык, маданий-спорттук, диний турмушунда чоң мааниге ээ.

Кой, азыр дагы айылдык үй-бүлөлөрдүн экономикалык базасын түзүп, райондордун тургундарынын бардыгы кармайт. Анын эти эң көп желе турган түргө кирет. Мындан сырткары ал товар, алмашуу бирдиги, белекке берилүүчү предмет, садагага чаба турган жандык. Малдын башы көп бул жаныбар менен адамдардын аманчылыгы дайыма байланышта болуп келген. Коллективдүү чарбалар таратылып, малдын саны кескин кыскаргандан кийин айрым малчылар эчки кармай башташкан. 1990 – 2000 жылдардын башында, жакырланып бараткан кээ бир үй-бүлөлөр үйүр малын кийинки өнүгүүгө башкы капитал болгон 1-2 эчки багуудан баштаган. Бул, акырындык менен каражат топтоп адегенде козу, кийин чоң койлорду, ири малдарды сатып алуу менен короодогу малын көбөйткөнгө мүмкүндүк берди. Эчки кармоого андан кем калбаган түрткүнү, тыбытка болгон баанын жогорулашы берген. Эчкини белекке берилүүчү жана садага чаба турган жандык катары да көп колдонгон.

1991-ж. карата уйлардын саны 1989-ж. салыштырганда 87% кыскарган. Бирок да, постсоветтик мезгилде абдан пайдалуу үй жаныбары катары уйдун мааниси кыйла жогорулаганы, анын сандык курамынын өскөнүнөн көрүндү. Уй берген сүттү өзүлөрү гана ичпестен, чийки же иштетилген түрүндө саткандар көбөйдү. Уй этине болгон талаптын өсүшү бул азыкты жакшы сатыла турган товарга айлантты.

Бийик тоонун экосистемасы кол карап тоют талап кылбаган, карышкыр жана башка жырткычтардан коргоно алган топоздорду багууга ылайыктуу. 1990-жылдары алардын коомдук чарбалардагы саны төрт эсеге кыскарып, 2001-жылдын биринчи январына карата болгону 17 миңди түзгөн. Ошол эле учурда айрым жеке чарбаларда топоз үйүрү колхоздор тарай электен тартып

эле калыптана баштаган. Айрым демилгечил (предпримчивый) малчылар, коомдук чарбалардан арендага алган топоздордон тукум алып калып, өз малын көбөйтүүгө жетишкен. Топозчулуктун туруктошуусуна республикадагы топозчулукту өнүктүрүү концепциясы да түрткү болду.

Постсоветтик мезгилде төөнү өз чарбасында кармагандар абдан эле сейрек учурайт. Мурдагы тарыхый доорлордо деле аз болгону белгилүү. Аны негизинен анча көп эмес, багуу боюнча тажрыйбасы бар чарбалар багат. Эгемендик жылдарында айрым бийик тоолуу райондордо жүк тарткан механикалашкан транспорт бара албаган жерлерге төө менен көчүү салтына кайрылган мисалдар кезикти. Бирок бул жаныбардын саны өтө аз, жана аны транспорт каражаты катары пайдалануу чанда гана учурайт.

Азыркы мезгилде чарбасында эшек кармаган үй-бүлөлөр сейрек кездешет. Аны мингич, жүк артуучу, сүйрөөчү жаныбар катары колдонуп келишет.

Диссертациянын алтынчы бабы **“Жайыт”** деп аталып, биринчи бөлүмдө анын **экономикалык жана маданий мааниси** изилденген. Азыркы тапта сезондук жайыттар айыл тургундары тарабынан кеңири колдонулууда. Жайыттардын абалы, экономикасынын негизин ар кайсы түрдөгү үйүр мал түзгөн чарбаларды ойлонтот. Мал оттоочу тоюттан сырткары жайыт, боёк, дары өсүмдүктөрүн, ошондой эле андай территорияда жайгашкан жерлерде токой болсо, жыгач материалдарын берет. Жайыттарда табигый чөбүн чаап алууга жарактуу участкалар да бар. Жайыттын рекреациялык маанисин да көңүлдөн чыгарбаш керек.

2955000 га жерди ээлеген жазгы-күзгү жайыттар 2500 м. төмөн тоо этектеринде жайгашкан. Кышкы жайыттардын жалпы аянты 2063000 га., ал эми жайлоолордуку – 4129000 га түзөт. Жайлоого бардык жайыттардын аянтынын 3,6 млн. гектары туура келип, ал 44% түзөт. Эгер жайлоонун түшүмдүүлүгү гектарына 5,7 центнерди түзсө, жазгы-күзгү жайыттардыкындагы бул көрсөткүч 3,9 центнерге барабар.

Кыргызстанда жайыттар, токой фондусу менен катар биологиялык ар түрдүүлүктүн негизги “сактагычы” болуп саналат. Жаратылыш байлыгы катары ал, тоолуу жерлер сыяктуу эле токойлору аз же жок жерлерде дагы чөйрөнү сактоодо өтө чоң мааниге ээ. Жайыт катары колдонулган чөптүү, бадалдуу экосистемалар, ушул жерлерде суунун топтолушунун балансын сактоону камсыздайт, кыртыштын эррозияга учурашына жол бербейт, локалдуу геохимиялык циклдерди көзөмөлдөйт.

Жылдык жаратылыш ритмине байланыштуу жайыт мейкиндиктерин өздөштүрүүнүн экономикалык зарылдыгы, малчылардын маданиятына, социалдык уюмдашуусуна байланышкан жашоо-турмушунун башка жактарын өзү менен кошо тартат. Туристтик маршруттар өткөн жерлерге

көчкөн малчылар кошумча пайда таба алышат. Зарыл болгон учурда, алар, коштоочу болот, ижарага ат берет, туристтерди үйүнө кондурат, турагентстволорго мал сатат.

Көчмөндөр байыртадан мейкиндикти мыкты билгендиги, жерде багытты туура баамдоо менен айырмаланышкан. Өздөштүргөн мейкиндиктин ландшафтын жакшы билүү алардын жергиликтүү идентүүлүгүн жаратууга сезилээрлик таасир берип келүүдө. Мал чарбачылыгы менен активдүү алектенген адамдардын топонимиялык эстутумдары жакшы. Ал эмес, Нарын областынын Кадыраалы, Төлөк, Кара-Суу сыяктуу тоолуу айылдарындагы мектеп жашындагы балдар, өрөөндүн ландшафтынын өзгөчөлүктөрүн, кокту-колотторунун, тоолорунун, сууларынын, булактарынын аталыштары менен кошо бизге жандуу айтып беришти.

Тоолуу райондордогу азыркы малчылар, жайыттын абалы жөнүндө көп ойлоп, ритуалдарды өткөрүшөт, өзүлөрүн чектөөдөн эркин сезишет, ошондуктан альпы, субальпы зоналарына көчүүнү жактырышат. Биздин күндөрдө үйүр бээ кармап, желе байлаган бардык эле малчылардын баары эле *кулун байламай* ырымын жасай бербейт. Бирок да, социалдык байланыштарды сактоодо мааниси бар, *шерине* салты бардык жерде улантылып келе жатат. Жайкы конуштарда ар кандай майрамдар, маданий иш-чаралар өткөрүлүп, ат оюндары жана башка элдик мелдештер, көңүл ачуулар менен коштолот.

Бүгүнкү күндө, алыскы жайыттар чейин эч кандай тоскоолдугу жок эле заманбап турмуш-тиричилик буюмдары, малчылар үчүн ыңгайлуу техникалык каражаттар жеткен территориялар болуп калды. Мисалы, энергия иштеп чыккан күн батереясы, мобилдүү телефондор ж.б. көчүп-конуп жүргөн малчылар үчүн зарыл буюмдар болуп саналат.

Эксенсивдүү жана интенсивдүү ыкмаларды айкалыштыруу менен чарбаны жүргүзүү шарттарында, кайра калыбына келе турган байлык болуп саналган жайыттын мааниси, совет дооруна чейинки жана совет мезгилиндегиден төмөндөп кеткен жок. Чынын айтканда, сезондук жайыттардын болушу адамдардын иш менен камсыз болушуна кыйыр мүнөздө оң таасир тийгизип, малчыларга көчүүгө мүмкүндүк берет.

Экинчи бөлүмдө **жайыттарды пайдалануу укугундагы жана уюштуруудагы өзгөрүүлөр** талдоого алынган. Совет мезгилинде жайыт ресурстары республикалык бийликтин ар кандай тепкичтеги административдик-территориялык түзүмдөрүнүн карамагында болгон. Аларды райондук, областтык, республикалык маанидеги жайыттар деп ажыратышкан. Жалпысынан айылдык кеңештер, жайыттарды пайдалануу боюнча чечимдерди кабыл алууга укугу болгондугу менен, ал номиналдуу мүнөздө эле. Түздөн-түз өндүрүш колхоздордо жүргөндүктөн, иш жүзүндө

бул маселе алардын колунда болгон. Райондордун, областтардын ичинде айрым жайыттарды ар башка чарбалардын чогуу пайдалануусу, ошондой эле республика аралык пайдаланган учурларды белгилей кетүү зарыл.

Постсоветтик мезгилде жайыт пайдалануу эрежелери эки жолу өзгөрүүгө дуушар болду. Анын биричиси, Кыргыз Республикасынын 1999-ж. кабыл алган Жер кодекси менен байланыштуу. Анын негизинде Кыргыз Республикасынын 2002-ж. 4-июнундагы "Жайыттарды ижарага берүү тартиби тууралуу жобону бекитүү жөнүндөгү" токтому кабыл алынган. Бул нормативдик документке ылайык, айылдарга жакын жердеги кышкы жайыттарды айыл өкмөттөрү бөлүштүргөн. Жазгы-күзгү жайыттар интенсивдүү пайдалануудагы жайыттар деп классификацияланып, райондук администрацияларга караган. Ал эми алыскы деген категориядагы жайлоолор областтык мамлекеттик администрациялардын башкаруусунда болгон.

Ижарага берүү айрым учурларда наразычылыктарды, майда жаңжалдарды жараткан учурлар болду. Ижарачылар, алган жерлеринде башка чарбалардын малынын жайылышын каалашкан эмес. Мындай участкалар көч өтө турган жолдордо да болушу мүмкүн эле. Ижара системасы бир жагынан мал чарбалыгына мүнөздүү ийкемдүүлүккө бөгөт болду, экинчиден – участокторду алууда, малчылар үчүн татаал процедураларды аткарыш кыйынга турду. Зарыл маалыматтарды таратуу, жайыт чектерин аныктоо жана инфраструктурасын жакшыртуу боюнча уюштуруу иштери чабал жүргүзүлгөн. Тажрыйбанын жетишсиздиги, мамлекеттик бийлик органдарына бул реформаны натыйжалуу жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк бербей, андан баш тартууга туура келди.

2009-ж. кабыл алынган Кыргыз Республикасынын "Жайыт жөнүндөгү" мыйзамына ылайык, бул ресурс мамлекеттин менчигинде. Нормативдүү акт коллективдүү пайдаланууну карап, бирок башкаруу жана башка жоопкерчиликтер айыл өкмөттөрүнө берилет. Ижарага берүүгө тыюу салынат, бирок мурдагы түзүлгөн контракттар эске алынат. Малчыларга жайыт билеттери берилет. Жайыт комитети жайыт пайдалануучулар бирикмесинин аткаруучу органы болуп саналып, курамына малчылардан сырткары, жергиликтүү кеңештин депутаттары, айыл өкмөтүнүн башчысы кирет. Комитет жергиликтүү коомдун жайыттарды пайдалануу планын иштеп чыгуу жана аны турмушка ашыруу, алардын абалына байкоо салып туруу, жайыт билеттерин берүү, жайыт пайдалануу акыларын белгилеп, аны чогултуу, талаштарды чечүү иштери менен алектенет. Ага жайыт жана башка ресурстарды пайдалануудан түшкөн каражаттарды башкарууга да укук берилген. Түшкөн каражаттар, инвестиция катары жайыт инфраструктурасын кармаганга, башкарганга жана жакшыртканга жумшалат. Айтмакчы, жайыт пайдалануучулар бирикмеси, айрым айыл

өкмөттөрүндө, мыйзам кабыл алынганча эле түзүлө баштап, алар кийин легитимдешкен.

Жайыттарды уюштуруу бир нече фактор менен шартталат. Аларга: көч участокторунун ландшафты жана өлчөмү, жылдык циклдин сезону, үйүрдөгү мал башынын көбөйүп, азайып турушу, чөптүн жетилиши жана анын структурасы, көчүү амплитудасы, мал жаюуу радиусу кирет. Үй-бүлөнүн, коңшулук-территориялык байланыштын жайыт мейкиндиктерин өздөштүрүүдө белгилүү даражадагы мааниси бар.

Постсоветтик мезгилдеги жайыт участокторун пайдалануунун төмөнкү бирдиги катары, бир нече жыл бою, бир чарбаны түзгөн өзүнчө үй-бүлө, ижара шартында жерге ээлик кылуу укугуна ээ болгондугуна карабастан, общинаны эсептесе болот. Жайытты үй-бүлөлөргө жана көчмөн топторго бекитип берүү, адат укугуна негизделген мурдатан бери пайдалануу салты жана жергиликтүү бийликтердин официалдуу буйруктарынын айкалышуусу менен жасалат.

Бир конушта жакын отурган көчмөн общинаны, ар биринде үчтөн алтыга чейин киши болгон 2-5 түтүн үй-бүлө түзөт. Мында жайкы каникулга келген туугандарынын балдарын да көрөбүз. Жайгашуунун көрсөтүлгөн тибин, азыркы кезде көп колдонулбаган *көчмөн айыл* термини менен атаса болот. Биздин күндөрдө конкреттүү общинаны аныктоодо ошол жердин же жайкысын ал жерге конгон малчылардын (адатта жашы улуу, кадырлуу) аттарынан атоо көбүрөөк кезигет.

Кийинки социалдык чөйрөнү кененирээк мейкиндикти ээлеген бир нече көчмөн общинасы түзөт. Анын курамына орточо эсеп менен 10-12 үй-бүлө кирет. Мында, айрым конуштарда 2-3 үй-бүлө бир конушту ээлесе, башка жерлерде бир гана малчынын үй-бүлөсү отурган жерлер бар. Обочо жайгашкан коңшулардын ортосундагы аралык 1-2 чакырымга чейин жетет. Малчылардын мындай тобу ээлеген мейкиндикти көчмөн участоктун ассамблеясы деп атаса болот. Экономикалык-экологиялык жактан караганда, мындай көч участогу курчап турган чөйрө жана өндүрүш мейкиндиги болуп саналат. Көч участогу, көчмөндөрдүн конкреттүү тобу колдонуп, ага социалдык көзөмөлдү жүргүзгөн социалдык-мейкиндик бирдиги катары турат.

Мал оттоочу территорияларды пайдаланууга суу фактору таасир берет. Иче турган жана мал сугарган суунун жоктугу тоо этектериндеги, адырлардагы бир далай жайыттарды пайдаланууга бөгөт болуп жатат.

Алтынчы баптын акыркы бөлүмү **"Экологиялык маселелер"** деп аталат. Бардык сезондук жайыттардын табигый сыйымдуулугу эске алынбастан талкаланышы 1960-жж. баштап эле нормага айланган. Мамлекеттин жардамы менен жайыттардын абалын жакшыртууга жасалган

аракеттер күткөндөй натыйжа берген эмес. Советтик жана постсоветтик мезгилдерде жайыт пайдаланууга табигый ресурстарга пайдасын көрүү үчүн (потребительское) колдонгон мамиле мүнөздүү. Сезондук жайыттарды пайдаланууну башкаруу сарамжалдуулук, рационалдуулук менен айырмаланган эмес. Мал жайыла турган территориялардын деградацияланышы көбүнесе антропогендик фактордун таасиринин натыйжасы.

Чарбачылыктын салттуу ыктарынын кээ бирлеринин унутулушу, көпчүлүк учурда ата бабалардын жакшы тажрыйбасын эске албагандыктан улам, жайыт жырткычтык менен пайдаланылып жатат. Көп эле учурларда бийик зондагы төрлөргө чейин жетип мал жайбагандык, бир кылка эмес басымдын көрсөткүчү болуп саналат. Эчкинин кескин көбөйүшү Евразия талаалары үчүн олуттуу экологиялык коркунуч жаратат. Жайыттарга эчки тарабынан зыян келтирген көрүнүштөр Кыргызстанда да кезигет. Адистер “айыл чарба жаныбарларынын түрлөрүн багууну райондоштурууда, эчкилер үчүн тоолуу-таштуу, аскалуу жайыттарды бөлгөн”, бирок ал бардык учурда эле эске алына бербейт.

Жайыттарды бир кылка пайдаланууга белгилүү деңгээлде малчылар коомунун жана алардын территорияларынын жаңы экономикалык мамилелерге тартылыш фактору терс таасирин берген. Алар көп учурларда, сүт азыктарын, сувенирлерин сатып кошумча пайда табууну көздөп, жол боюнан алыс эмес жердеги конуштарга отурушат. Жайыт чөптөрдүн бодо малдын туягы менен тебеленип талкаланышы, терс таасир берген факторлордун ичинде өзгөчөлөнүп турат. Далай жайыт аянттары тебеленүү менен катар, жердин отун уйду жампалары күйгүзүп ийип жатат. Арардын ордуна сапатсыз отоо чөптөрү пайда болот. Респонденттер, жердин кыртышын, чөптү кургатып жаткан шамалдын дагы терс таасирин белгилешет.

Постсоветтик мезгилде кыштоолордун көбүндө короо-сарайлардын жана ал жерлердеги үйлөр бузулуп, тегерегиндеги аянттар жайыт айлампасынан акырындап чыга баштаган. Мындай жерлерде, кой жаюуга кыйынчылык жараткан тикендүү бадалдар жайылып кеткен. Чоң-чоң үйүр малдын кыштакта жарым жылдан ашык кармалышы чекебелдеги жайыттардын талкаланып, жердин кыртышынын эрозиясына алып келип жаткан.

Кыргыздарда жайыт коллективдүү колдонууда болуп келген. Анын сапаты, малды туура жайып кайтаруу жана адат укуктары менен кармалган. Азыркы мезгилде деле жайытты общиналык пайдалануу мүнөздүү. Бирок, мал жаюучу аянттарды пайдаланууда социалдык акыйкатчылыктын сакталышы тууралуу айтуу кыйын. Эгер бирөөлөр жердин отуна аяр, сарамжалдуулук менен мамиле кылса, башкалары, жер которуштуруп жаюуну сактабай, чоң үйүр мал менен көпкө тебелетип, деградацияга

учуратып жаткандыктары кезигет. Муну менен бирге, айрым бай чарбалар иш жүзүндө кыйла аз салык төлөшөт.

Теориялык жактан жайытка байланыштуу мындай кырдаалды "общиналык ресурстардын трагедиясы" жана "оюн теориясы" менен түшүндүрсө болчудай. Менин оюмча, Кыргызстандын бийик тоолуу райондорунда түзүлгөн экологиялык абалдын себептери, башкаларын эске албаганда да, социалдык көзөмөлдүн чабалдыгында, үйүр малдын сапаттуу эмес сандык курамын арттырууга умтулууда, айрым мал ээлеринин "оюн эрежесин" сактабагандыкта, азыркы малчыларга карата мамлекеттик саясаттын анча жакшы эмес болуп жаткандыгында жатат. Бирок да, эгер чарбалык-маданий салтты, социалдык уюмдашуунун жана экологиялык системанын өзгөчөлүктөрүн эске алсак, Г. Хардин жактаган, жайытка жеке менчикти киргизүү, азыркы этапта абалдан чыгуунун жолу боло албайт.

## КОРУТУНДУ

1.Кыргызстандын тоолуу райондорунун калкы мал чарбачылыгы менен катар эле дыйканчылык, бакчачылык менен салыштырмалуу түрдү жигердүү алектенип калышты. Рынок шарттарында экономикалык ишмердүүлүктүн жаңы түрлөрү жаралды. Алардын катарына механикалашкан каражаттарды пайдалануу менен жерди айдап, себүү, түшүмдү оруп-жыйноо; жүктөрдү, малды ташып жеткирүү кирет. Мал алып саткандар, сувенир, кийиз буюмдарын сатыкка чыгарган кол өнөрчүлөр өз орундарын табууда.

2. Республиканын бийик тоолуу райондорунун экономикасынын түзүмүндө мал чарбачылыктын артыкчылык берген багытта болушу, географиялык шарттардын таасири менен эле эмес, кыргыздардын ата-бабалардан мурастап калган тажрыйбаны колдонуп, чарбаны жакшы уюштуруп, жүргүзө алган жөндөмүнө да байланыштуу. Азыркы күндө мал чарбачылыгы республиканын тоолуу райондорунда дагы эле маанилүү тармак болуп кала берүүдө. Анын өзгөчөлүктөрүнүн бири катары, төрт түлүк малды багууда ата-бабалар колдонуп келген экстенсивдүү ыкманы, жаңы интенсивдүү ыкмалар менен толуктап колдонууда турат. Мал чарбачылыгынын дыйканчылык, бакчачылык менен жуурулушуп жүрүшү азыркы мезгилдеги агропастоpалдык коомдун бейнесин шарттап турат.

3. СССР тарагандан кийин Кыргызстандагы жашоонун бардык жакта-рында болуп жаткан өзгөрүүлөр, мал чарбачылык тармагын да кыйгап өткөн жок. Малчылардын социалдык-экономикалык, маданий турмушундагы өзгөрүүлөрдү аныктоого, жаңы эгемендүү мамлекеттин түзүлүшү, мурдагы бирдиктүү эл чарба комплексинин кыйрашы, менчиктин ар кандай формаларын таануу, мал менен жерди менчиктештирүү, тиешелүү укуктук-ченемдик актылардын кабыл алынышы жана башка факторлор таасир берди. Ошол эле мезгилде базалык баалуулуктар, чарбалык-маданий салттын,

социалдык мамилелердин айрым жактары салыштырмалуу түрдө туруктуулугун жоготпой кала берүүдө.

4. Мал, азыр дагы экономикалык, социалдык жана маданий жактан чоң мааниге ээ. Айдап, бага турган малдын болушу аркылуу көп үй-бүлөлөр жумуш менен камсыз болот. Мал – адамдын коомдогу даражасын жогорулатууга, социалдык байланыштарды түзүп кеңейтүүгө жетишүүгө жардам берүүчү каражат. Балдардын социалдашуусундагы малдын таасири ачык сезилет. Кийинки жылдары далай чарбалар үчүн малдын товардык баалуулугу жогорулады. Малдын символикалык, ырым-жырымдык мааниси сакталууда.

5. Колхоз-совхоздук системаны талкалоо, 1990-жылдарда малдын башынын кескин кыскарышы менен шартталган моралдык-психологиялык жабыр тартуу, турмуштагы өзгөрүп жаткан шарттарга ыңгайлашууда, чарбаны рационалдуу уюштурууга залакасын тийгизди. Бирок, алар көп өтпөй дендароо абалдан чыгып, системалык кризис, акчанын жоктугу кыйынчылык жаратканына карабастан, өз чарбаларын чыңдаганга күч жумшай баштаашты.

6. Азыркы малчылардын үй-бүлөлөрдө маданий салттар, чарбалык тажрыйбалар, балдарды тарбиялоонун элдик ыкмалары салыштырмалуу түрдө туруктуу сакталган. Мал багуу менен гана алектенген үй-бүлөлөрдүн түзүмүндө, сандык курамында жылдык циклге байланыштуу өзгөрүү болушу мүмкүн. Бир атанын балдарынын өз ара мамилелеринде эмоционалдык-сезимдик жакындык байкалат. Эркек, кыз бир туугандардын жана башка жакын туугандардын мамилелерине экономикалык кызыкчылыктардын тийгизген таасири сезилээрлик болуп калды. Коңшулук байланыштар жашаган жердин бирдигине, жайыт жерлерин чогуу пайдаланууга, үй-бүлөлүк, коомдук жөрөлгөлөрдү өткөрүүгө негизделген.

7. Азыркы малчылар коомундагы эмгектин бөлүнүшүндө көөнө салттар жана жаңы көрүнүштөрдүн айкалышы байкалат. Эркек негизги багуучу, бийлик укуктары бар үйдүн ээси катары кабыл алынат. Аялдар үй-бүлөнүн коломтосун өчүрбөй сактоочу, балдарды тарбиялоо милдеттерин аткарууну улантып келет. Ошол эле мезгилде аларга, чарбадагы көп жумуштарды аткарууга туура келет. Бир атанын үйлөнгөн, анын ичинде бөлүнгөн балдарынын ортосундагы эмгекти бөлүштүрүүгө ылайык, алардын ар бири белгилүү бир жумуштарды жасайт. Бири мал багууда болсо, башкалары айдоо аянттарын сугарат, тоют даярдайт. Шаарда жашаган балдарынын каржылык-материалдык жардамы үй-бүлөнүн алкагындагы эмгектин жалпы бөлүнүшүндөгү милдеттердин бири болуп калды. 8. Эгемендүүлүк жылдарында жайытты пайдалануунун оптималдуу жолун табуу багытындагы изденүүнүн натыйжасы, бири-биринен принципиалдуу айырмаланган

нормативдүү актылар болду. Малчыларга жайыттарды ижарага алуу укугун берүү иш жүзүндө өзүн актабагандыктан, андан баш тартууга туура келди. 2009-ж. кабыл алынган “Жайыт жөнүндө” мыйзамында коллективдүү колдонуу каралган. Жайыт пайдалануучулар бирикмелери айрым жергиликтүү коомдордо мыйзам кабыл алганга чейин эле түзүлгөн. Жайыттарды уюштуруу өзгөчөлүгүнө ландшафт жана конуш аянтынын өлчөмү, жылдык циклдин мезгили, үйүр малдын композициясынын сезондук өзгөрүүсү, жердин отунун бышып жетилиши, көчүү амплитудасы, мал жаюу радиусу таасирин тийгизет. Үй-бүлө, туугандык-коңшулук байланыштардын конгон журттан тартып көчүү аянтынын ассамблеясына чейинки мейкиндикти өздөштүрүүдө жана социалдык көзөмөлдө мааниси бар.

9. Жайыт калктын иш менен камсыз болуусуна оң таасир тийгизип, малчыларга көчүп-конууга мүмкүнчүлүк берет. Биологиялык ар түрдүү-лүктү сактоочунун бири болуу менен, чөйрөнү коргоо функциясын да аткарат. Тоо кендерин казуу иштери, кенемте төлөнгөнү менен, мал жаюучу аянттарды тарытат. Конуп жайгашуунун, элдик салттардын өзгөчөлүктөрү кыйла даражада жайыт мейкиндиктери менен байланыштуу. Жайытты сарамжал пайдалануунун айрым жакшы салттары унутула баштады. Табигый байлыктарга карата керектөө үчүн гана колдонуу жолу азыркы мезгилге да мүнөздүү. Адамдардын экономикалык кызыкчылыктары алдыңкы планга коюлган антропогендик фактордун натыйжасында жайыт экологиясына зыян келтирилип жатат.

**Практикалык сунуштар**

1. Малчылар үйүрүндөгү малдын санынан сапатына өтүшү керек.
2. Тоют даярдоого олуттуу маани берүү зарыл, бул жердин отун жакшы абалда сактаганга өбөлгө түзөт.
3. Жайытты үнөмдүү пайдалануу боюнча салттуу билимдерди, тажрыйбаларды колдонуу зарыл.
4. Өкмөттүк түзүмдөр жана жергиликтүү бийлик органдары тармактын өнүктүрүүгө байланыштуу маселелер боюнча чечим кабыл алаарда малчылардын пикирлерин эске алуу керек.
5. Мал кайтарганга абдан жакшы ыңгайлашкан жергиликтүү кыргыз атынын тукумун сактоо боюнча чараларды көрүү абзел.

**Диссертациянын темасы боюнча жарыяланган эмгектердин тизмеси:**


1. *Жапаров, А.З.* Семья у кыргызов в постсоветское время [Текст] / А.З. Жапаров // Известия Национальной академии наук Кыргызской Республики. – 2001. – № 1–2. – С. 66–68.
2. *Japarov, A. et all* Atlas of Central Asian artistic crafts and trades: Kyrgyzstan [Текст] / A. Japarov, E. Sulaimanov, K. Tashbaeva, L. Vedutova. -Bishkek,

Vol.III. 2002. 176 с.
3. *Жапаров, А.З.* К вопросу об иерархии социального пространства у кочевников-кыргызов [Текст] / А.З. Жапаров // Восприятие пространства и времени в культурах Центральной Азии. Document de travail de l' IFEAC (Рабочие документы ИФЕАК). – № 6. – Ташкент, 2004. – С. 107–114.
4. *Japarov, A.* Göçebe kırgızların Oba (Avul) teşkilatı [Текст] / A. Japarov // Türkler, Cilt: 19. – 538-543.
5. *Жапаров, А.З.* Роль домашних животных в расширении социальных связей кочевников-кыргызов [Текст] / А.З. Жапаров, С. Жаксон // Центральная Азия и культура мира. – 2005. – № 1–2 (17–18). – С. 67–81.
6. *Жапаров, А.З.* Ценное исследование по истории Кыргызстана [Текст] / А. Джуманалиев, А.З. Жапаров // Известия НАН КР. – 2006. – № 2. – С. 171–173.
7. *Жапаров, А.З.* Взаимосвязь традиционной охоты с народным календарем у кыргызов-кочевников [Текст] / А.З. Жапаров, Э. Токтакунова // Россия – Кыргызстан на пути к интеграции. Т.1. Евразия. – М.: Октябрь, 2006. – С. 43–51.
8. *Жапаров, А.З.* Современные кочевники высокогорного Нарына и рынок [Текст] / А.З. Жапаров // Мир кочевых цивилизаций: история и современность. – Чита, Агинское, Экспресс-издательство. - 2007. – С. 313–318.
9. *Pétric, B., Japarov, A.* Le Kirgizstan laboratoire de la nouvelle gouvernance mondiale [Текст] / A. Japarov, B. Pétric // Transitions, Les enjeux de la sécurité en Asie centrale. – Vol. XLYI. – С. 69–89. https://halshs.archives-ouvertes.fr/halshs-01851872
10. *Жапаров, А.З.* Элементы государственности у кочевников и оседлые общества [Текст] / А.З. Жапаров // Феномен кочевничества в истории Евразии. Номадизм и развитие государства. – Алматы, 2007. – С. 85–93.
11. *Esengulova, N., Japarov, A.* Community management of high-alpine grasslands in the Kyrgyz Republic: social, economic and ecological implications [электронный ресурс] / N. Esengulova, A. Japarov, E. Mamytbekov // Gouverning shared resources: connecting local experience to global challenges. – Cheltenham,2008. Режим доступа: URL: http://www. iasc2008.glos.ac.uk/conference%20papers/papers/.
12. *Жапаров, А.З.* Кочевники Внутреннего Тянь-Шаня и пастбищные ресурсы [Текст] / А.З. Жапаров // Вклад кочевников в развитие мировой цивилизации: сб. материалов Международной научной конференции, Алматы, 21–23 ноября 2007 г. – Алматы, Дайкпресс.- 2008. – С. 153–157.
13. *Zhaparov, A.* The Issue of Chinese Migrants in Kyrgyzstan [Текст] / A.

Zhaparov // Chine and Eurasia Forum Quarterly. Vol. 7, 1, 2008. – P. 79–91. http://www.asia-studies.com/cef.html
14. *Жапаров, А.З.* Вопросы адаптации скотоводов к условиям рыночных отношений [Текст] /А.З. Жапаров // Материалы международной конференции «Мир номадизма: прошлое и будущее». – Бишкек, Типография ДП «Кыргыздипсервис», 2009. – С. 380 – 388.
15. *Жапаров А.З.* Местная власть: социальные связи и неформальные лидеры [Текст] / А.З. Жапаров // Вестник КНУ: Серия 1. Гуманитарные науки. – Вып. VIII: История. Археология. Этнография. – Бишкек: КНУ, 2009. – С. 165–170.
16. *Жапаров, А.З.* Слово о коллеге [Текст] / А.З. Жапаров // Научные чтения памяти Н.Э. Масанова: сб. материалов научно-практической конференции, Алматы, 25–26 апреля 2008 г. – Алматы, 2009. – С. 8–9.
17. *Žaparov, A.* L'élevage du cheval au Kirghizstan / A. Žaparov // Études mongoles et sibériennes, centrasiatiques et tibétaines. № 41. 2010. URL: https://emscat.revues.org/1575
18. *Žaparov, A.* À propos de l identité actuelle des pasteurs «nomades» de la région de Naryn / A. Žaparov // Les cahiers d'Asie Centrale.*Asie centrale: La définition des identités*, n 19–20. С. 325–342. https://ifeac.hypotheses.org/35
19. *Жапаров, А.З.* Магия и запреты в скотоводческом хозяйстве [Текст] / А.З. Жапаров // Вопросы истории Кыргызстана. – 2011. – № 4. С. 146 – 150.
20. Nomadismes d Asie centrale et ceptentrionale [Текст] / Ch. Stèpanoff, C. Ferret, G. Lacaze, J. Thorez и др. – Paris, Armand colin, 2013. – 288 с.
21. *Жапаров, А.З.* О значении верблюда в хозяйственной и культурной жизни кыргызов [Текст] / А.З. Жапаров // Кыргызпатенттин кабарлары: интеллектуалдык менчик жана инновациялар маселелери. – 2013. – № 2. — С. 49–53.
22. *Жапаров, А.З.* О традиционной культуре природопользования кыргызов [Текст] / А.З. Жапаров, К. Акматова // Вопросы истории Кыргызстана. – 2014. – № 3–4. – С. 121 – 127.
23. *Жапаров, А.З.* Природный и культурный ландшафты локального пространства (на примере горной долины Внутреннего Тянь-Шаня) [Текст] / А.З. Жапаров // Сб. материалов XI конгресса антропологов и этнологов России (Екатеринбург, 2–5 июля 2015 г.) / А.З. Жапаров. – С. 190–191.
24. *Жапаров, А.З.* Использование сезонных пастбищ в Кыргызстане и экологические проблемы [текст] / А.З. Жапаров // Мир Большого Алтая. - 2015.- № 1 (3).-С. 235–244. https://cyberleninka.ru/article/n/ispolzovanie-sezonnyh-pastbisch-v-kyrgyzstane-i-ekologicheskie-problemy
25. *Жапаров, А.З.* Современное скотоводство в Кыргызстане [Текст] / А.З.

Жапаров // Этнографическое обозрение. – 2016. – № 2. – С. 55–72. https://www.elibrary.ru/contents.asp?id=34237310
26. Кыргызы / [Текст] / Отв. ред. А. Асанканов, О. Брусина, А. Жапаров. -М.: Наука, 2016.- 628 с. https://iea ras.ru/index.php?go=Pages&in=cat&id=14&page=30
27. *Жапаров, А.З.* Скотоводство [Текст] / А.З. Жапаров, Г.Ю. Ситнянский, З.Ж. Эргешов, Р.М. Рахимов // Кыргызы. – М.: Наука, 2016. – С. 106–124.
28. *Жапаров, А.З*. Земледелие [Текст] / А.З. Жапаров, С.К. Тажиматов, Г.Ю. Ситнянский // Кыргызы. – М.: Наука, 2016. – С. 124–134.
29. *Жапаров, А.З*. Охота [Текст] / А.З. Жапаров, О.А. Акжолов // Кыргызы. – М.: Наука, 2016. – С. 134–144.
30. *Жапаров, А.З.* Община [Текст] / А.З. Жапаров // Кыргызы. – М.: Наука, 2016. – С. 145–152.
31. *Жапаров, А.З.* Родоплеменная структура [Текст] / А.З. Жапаров, Т.И. Асанов // Кыргызы. – М.: Наука, 2016. – С. 134–144.
32. *Жапаров, А.З*. Календарные праздники и обряды [Текст] / А.З. Жапаров, К.Ш. Ибраев // Кыргызы. – М.: Наука, 2016. – С. 134–144.
33. *Japarov, A.* Meat distribution rules and significance of radial bone (kar zhilik) in kyrgyz traditional knowledge [Текст] / A. Japarov // CASCA. № 2. Food and identity in Central Asia, Halle (Saale), 2017. – С. 126–140. https://www.eth.mpg.de/4525963/FN_Vol19_CASCA_2nd_web.pdf
34. *Жапаров, А.З.* Народные знания о горных ландшафтах и экологическое сознание киргизов [Текст] / А.З. Жапаров, К. Карабукаев // Право и практика. – 2017. – № 3. – С. 186–191.
35. *Japarov, A.* Contemporary Livestock Husbandry in Kyrgyzstan [Текст] / A.Z. Japarov // Anthropology & Archeology of Eurasia, 56: 1–2. 2017. – P. 52–78. https://www.tandfonline.com/doi/abs/10.1080/10611959.2017.1360676
36. *Жапаров, А.З.* Традиционные весенне-летние обряды и связанные с ними верования киргизов [Текст] / А.З. Жапаров, Э. Токтакунова // Оазисы Шелкового пути: современные проблемы этнографии, истории и источниковедения Центральной Азии. – М., 2018. С. 678–694.
37. *Caparov, A.* Kirgiz ve Türk Konar-Göçerlerındekı Hayvancilik Kültürü [Текст] / A. Caparov // Yörükler Orta Asya'dan Anadolu'ya Ed. Ilhan Şahin. – Istanbul, 2019. – С. 379–392.
38. *Жапаров, А.З.* Кыргызские национальные войлочные изделия: современные трансформации [Текст] / А.З. Жапаров, К. Белек, А. Асангулова // Этнографическое обозрение. – 2019. – № 1. – С. 166–180. https://www.elibrary.ru/contents.asp?id=37138047
39. *Жапаров, А.З.* О юбилейной церемонии у кыргызов [Текст] / А.З. Жапаров // Кыргыз тарыхынын актуалдуу маселелери: өтмүшү,

азыркысы жана келечеги. Тарыхчы, чыгыш таануучу Анварбек Мокеевдин 70 жылдык юбилейине арналган илимий макалалар жыйнагы. – Бишкек, ИП Эралиева Ж.С. - 2019. – С. 332–337.
40. *Жапаров, А.З.* Разделение труда у скотоводов горных районов Кыргызстана [Текст] / А.З. Жапаров // Энесай Кыргыз каганатынын тарыхын изилдеген илимпоз Муратбек Кожобековдун 60 жылдык мааракесине арналган “Кыргыз каганаты тарыхы жана кыргыз таануу маселелери” аттуу эл аралык тажрыйбалык жыйындын материалдары. – Бишкек, Maxprtint.- 2018. – С. 239–245.

**Жапаров Амантур Забирдиновичтин "Кыргызстандын тоолуу райондорундагы мал чарбачылыгынын азыркы маселелери: чарбалык, социомаданий, экологиялык аспектилер" деген темада, 07.00.07.- этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын (Бишкек, 2021)**

**РЕЗЮМЕСИ**

**Түйүндүү сөздөр:** бийик тоолуу район, чарбачылык структурасы, малчылык, колхоз-совхоз, кооператив, менчиктештирүү, базар мамилелерине ыңгайлашуу, үй-бүлө, коңшулук байланыш, эмгектин бөлүнүшү, жайыт, экология

**Изилдөөнүн объекти:** Кыргызстандын тоолуу райондорундагы постсоветтик мезгилдеги мал чарбачылык жана бул тармакта алектенген адамдар, жергиликтүү коомдор.

Малчылардын чарбалык, социалдык-маданий турмушунда болуп өтүп жаткан жүрүмдөр, малдын түрлөрү, базар шарттарына ыңгайлашуу, сезондук жайыттардын абалы жана аны пайдалануу, мейкиндикти уюштуруу **иликтөөнүн предметин** түзөт.

**Изилдөөнүн максаты.** Кыргызстандын бийик тоолуу райондорундагы азыркы мезгилдеги мал чарбачылыгындагы экономикалык, социалдык-маданий, экологиялык өңүттөрдөгү өзгөрүүлөрдү, анын мүнөзүн, өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтүү.

**Иштин методологиялык негизин** структуралык-функционалдык, системдүүлүк, дисциплина аралык изилдөө усулдары, ошондой эле диахрондуу жана синхрондуу анализ түздү. Стационардык, маршруттук этнографиялык экспедициялардын жүрүшүндө маалымат берүүчүлөр менен терең маектешүү, ичтен байкоо ыкмалары колдонулду.

**Диссертациянын илимий жаңычылдыгы.** Изилдөө Кыргызстандын бийик тоолуу аймактарындагы азыркы мезгилдеги мал чарбачылыгынын социалдык-экономикалык, маданий, экологиялык өңүттөрүн изилдөөдөгү боштукту толтурат. Малчылардын заманбап базар мамилелерине өтүү өзгөчөлүктөрү, жаңы менен салттуулук маселелери ачып көрсөтүлдү. Илимий айлампага оригиналдуу материалдар киргизилди.

**Алынган натыйжалар.** Кыргызстандын тоолуу райондорундагы мал чарбачылыгында болуп жаткан өзгөрүүлөр көрсөтүлгөн. Мал чарбасын рынок мамилелеринин шарттарына жараша жүргүзүү боюнча практикалык сунуштар жасалган.

**Колдонуу даражасы.** Негизги жыйынтыктарды малчыларга карата мамлекеттик саясатты өркүндөтүүдө колдонууга болот.

**Колдонуу тармагы.** Диссертациянын жоболорун мал чарба секторунда, илимий эмгектерди жана окуу куралдарын жаратууда, сабак өтүүдө, даректүү фильмдерди, социалдык маанидеги роликтерди тартууда колдонулушу күтүлөт.

# РЕЗЮМЕ

**диссертации Жапарова Амантура Забирдиновича на тему “Проблемы современного скотоводства в высокогорных районах Кыргызстана: экономические, социокультурные и экологические аспекты” на соискание ученой степени доктора исторических наук по специальности 07.00.07.- этнография, этнология и антропология (Бишкек, 2021).**

**Ключевые слова:** высокогорный район, структура хозяйства, скотоводство, колхоз-совхоз, кооператив, приватизация, адаптация к рынку, семья, соседские связи, разделение труда, пастбище, экология.

**Объект исследования:** Скотоводство в высокогорных районах Кыргызстана в постсоветское время и люди, занятые в этой сфере.

**Предметом исследования**: Процессы трансформации, происходящие в хозяйственной, социально-культурной жизни скотоводов, видовые модели скота, адаптация к рыночным условиям, состояния сезонных пастбищ и их использования, организации пространства.

**Цель исследования:** Раскрытие характера и особенностей трансформаций современного скотоводства в высокогорных районах Кыргызстана в экономическом, социально-культурном, экологическом отношении.

**Методологическую основу диссертации** составили структурно-функциональный, системный, междисциплинарный методы исследования, а также диахронный и синхронный анализ. В ходе стационарных, маршрутных этнографических экспедиций использованы глубокие беседы с информаторами и метод включенного наблюдения.

**Научная новизна диссертации.** Работа восполняет существующий пробел в исследовании социально-экономических, культурных, экологических аспектов современного скотоводства в высокогорных зонах Кыргызстана. Расскрыты особенности перехода скотоводов к условиям рыночных отношений, вопросы нового и традиционного. В научный оборот введены новые оригинальные материалы.

**Полученные результаты.** Показаны особенности процесса трансформации скотоводства в горных районах Кыргызстана, сделаны практические предложения по ведению скотоводства применительно к условиям рыночных отношений.

**Степень использования.** Основные выводы можно использовать в совершенствовании государственной политики по отношению к скотоводам. **Область применения.** Положения диссертации можно использовать в секторе животноводства, написании научных работ, учебных пособий, проведении занятий, создании документальных фильмов и социальных роликов.

## SUMMARY

**of the dissertation by Amantur Zabirdinovich Zhaparov entitled “Problems of Modern Cattle Breeding in the High Mountainous Regions of Kyrgyzstan: Economic, Socio-Cultural and Ecological Aspects” for the degree of Doctor of Historical Sciences in the specialty of 07.00.07 - Ethnography, Ethnology and Anthropology (Bishkek, 2021)**

**Key words:** Alpine region, structure of the economy, cattle breeding, collective farm and state farm (kolkhoz and sovkhoz), cooperative, privatization, adaptation to the market, family, neighborhood ties, division of labor, pasture, ecology.

**Object of research:** Cattle breeding in the high mountainous regions of Kyrgyzstan in the post-Soviet period and people employed in this area.

**Subject of research:** Transformation processes occurring in the economic, socio-cultural life of pastoralists, species models of livestock, adaptation to market conditions, the state of seasonal pastures and their use, organization of space.

**Purpose of the work:** Exploration of nature and features of transformations of modern cattle breeding in the high mountainous regions of Kyrgyzstan in economic, socio-cultural, ecological terms.

**The topic of the dissertation has a connection with international research projects.** The methodological basis of the dissertation was formed by structural-functional, systemic, interdisciplinary research methods, as well as diachronic and synchronous analysis. The author mainly used a participant observation method during ethnographic expeditions. The work fills the existing gap in the study of the socio-economic, cultural, environmental aspects of modern cattle breeding in the high mountainous zones of Kyrgyzstan. We made an attempt to analyze the peculiarities of the transition of pastoralists to the conditions of market relations, as well as new issues versus traditional ones. New original materials have been introduced into the academic conversation.

**The results obtained:** The features of the process of cattle breeding transformation in the mountainous regions of Kyrgyzstan are demonstrated in the work. Also practical proposals were made regarding cattle breeding in relation to the conditions of market relations.

**Application status:** The main findings can be used to improve public policy in relation to pastoralists.

**Application scope.** Thesis findigs might be used in the agricultural sector. The dissertation provisions can be used in writing scientific works, teaching aids, conducting classes, creating documentaries and social videos.

Өлчөмү 60x84 1/16. Көлөмү 4,0 б.т.
Офсет кагаз. Офсеттик басуу. Нускасы 100.

«Сарыбаев Т.Т.» Ж.И.
Бишкек ш., Раззаков көч, 49
т. 0 708 058 368
e-mail: talant550@gmail.com